К 58

Кожалиев Жакшылык

# ОЙЛОРДУН ТҮРМӨГҮНДӨ КЫЯЛДАНЫП

(ырлар жыйнагы)



Бишкек 2004 -жыл

К 58

## Кожалиев Жакшылык

# ОЙЛОРДУН ТҮРМӨГҮНДӨ КЫЯЛДАНЫП

(ырлар жыйнагы)

*Бул китебинди оз жеринин калкы кадырлаган, Кыргыз Республикасына белгилүү комсомолдун, эмгектин жана партиянын ардагери атам Кожалиев Турганбайдын жаркын элесине арнаймын.*



Бишкек 2004 -жыл

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА

УДК 82/821
ББК84 Ки7-5
К58

Кожалиев Ж.Т.
К58 Ойлордун түрмөгүндө кыялданып: ырлар жыйнагы.-Б.: 2004.- 108б.
ISBN9967-22-264-6

Окурмандарга сунуш кылган бул жыйнакта өмүр, өлүм, жашоо кумары, сүйүү, кыял-жорук, пейил, ынтымак-ырашкерлик, мүдөө-максат, түбөлүктүүлүк сыяктуу абстрактуу ой жүгүртүүнүн түшүмү болгон түшүнүктөрдүн маани-маңызы ачылган. Айрыкча туулуп өскөн жери, ата-эне, бир тууган, уул-кыздарына, боордошторуна, замандаштарына арнап алардын ыйыктыгын даңазалаган ырлары көңүлдү өзүнө бурат. Ал эми «Жол энеси из болот» өзгөчө таасир калтырат.

Бул китеп эли жерин сүйгөн, алардын ыйыктыгына терең ишенген, ар бир инсанга багытталган.

К 4702300200-04
ISBN9967-22-264-6

УДК 82821
ББК84 Ки7-5

© Кожалиев Ж.Т.2004

# Кириш сөз
# Жол энеси из экен

*Адатта, чыгармачылык ышкың ойгонуп, көкүрөгүңдө ойлор алып-учуп, шарпылдап толкун сымал күргүштөп кирсе, өзүң менен өзүң, ой бөлүшкөнчө колуңа калем алып ыр жазасың. Ошондо кагазга түшкөн саптарды ыр деп, аны жараткан кишини акын деп жүрөбүз. Жок. Уйкаш саптарды кынап, ыр жазуунун ыкмасын өздөштүрүп алуу бир башка, не, ошол саптарга жан киргизип, башкача таасир берип, ойго жетелеген, алыкул сымал жөнөкөй саптарга улуу түшүнүк каткан ыр жаратуу такыр башка маселе. Дегинкиси, ыр жаратkандын баарын ошол бийик өлчөмдөн карап, ар бир сабына оор жүк артып кароо натуура. Ар ким өз алына, жөндөм-шыгына, камылгасына, турмуш-тажрыйбасына, табийгат ыроологон талант-дараметине жараша ыр жазат. Мейли.*

*Кыргызда акын катары белгилүү болуп калган бир катар чыгармачыл инсандар (айрыкча жаштар) сый-урмат артып, Ыраке дешчү Рамис деле өзүн «балп» этип «акындардын падышасы» атап жибергени менен, айрым учурда алешем ырларды деле жаратып койгонун өзү мойнуна алып жүрбөйбү…*

*Ыр жазуунун ыкмасын өздөштүрүп алуу демекчи, буга да атайы филологиялык билим же чыгармачыл чөйрөнүн таасири керек окшобойбу.*

*Бир караганда көзгө коомай көрүнгөнү менен, жана кайталап окуп көрсөң жылуу таасир калтырап, улам ичкерилеген сайын бүйүр кызытып, кызыктырып, алаксытып, бир дем менен окуп бүткөнгө чейин колуңдан түшпөгөн алдагы китеп - Жакшылык ага жараткан ырлар жыйнагы. Бали! Окуп бүтөөрүм менен ушул сөздү айттым…*

*Кожалиев Жакшылык атайы филологиялык билим албады, не студент кезден ийримге катышып, чыгармачылык чөйрө менен ичкертен аралашып өскөн жок. Ыр жаратуунун түйшүгү менен тынымсыз алпурушуп көп жазып, көп окуп, мындай түйшүктүн суугуна тоңуп, ысыгына күйдү. Башка акындарды окуду, таасирленди. Анан табийгат берген шык-жөндөм, талант бар экен, минтип, экинчи ыр китебин тартуулап олтурат, окурманга. Дароо айтып коюучу кеп, бу кишинин «Тогуз-Тором - жүрөк толгоом» деген биринчи ырлар жыйнагы менен тааныштыгым бар эле. Автордун жан дүйнөсү менен ошондон бери (1996-жыл)*

*таанышмын, эми минтип, Жакшылык аганын экинчи китебине баш сөз жазууга туура келип отурат. Эки дастан, жыйырма алты ыры баары тең телегейи тегиз болбосо да, мыкты чыккан көпчүлүк ырлары ар бир окурмандын жүрөгүнүн түпкүрүнөн түнөк тапканы жашыруун эмес. Ошол жыйнакка баш сөз жазган, авторго ак жол каалаган Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, акын Нурпаис Жаркынбаев жылуу пикирин айткан эле (Караңыз: Кожалы уулу Жакшылык. Тогуз-Тороом - жүрөк толгоом. - Бишкек. 1996. 3-5 беттер). Эмесе, эмки кеп «Ойлордун түрмөгүндө кыялданып» туурасында болсун.*

*Мазмуну жана формасы боюнча жыйнактагы ырлар ар кыл, бирок дээрлик баарынан бир почерк, бир стиль, бир ыкма, дүйнөнү кабылдоодогу бир гана кишиге мүнөздүү болгон жеке касиет, өзгөчөлүк байкалып турат, бул автордун үнү, стили, дүйнө таанымы, ошол ар кыл ырларды ушул нерсе бириктирип турат. Ырлардын айрым алешем жерлерине учкай калем тийгизип жатып автордун макулдугу менен ал ырларды тематикалык жактан дагы бир жолу бөлүп, тактап жайгаштырдык. Дегинкиси, мындай жайгаштыруунун өзү арийне, тарам-тарамга бөлүнгөн ырлар циклдешип, китептин да кунарын көтөрөт, көркөмү да мыкты, окурман кабыл алууга да жакшы.*

*«Ойлордун түрмөгүндө кыялданып» биринчи тарамга автордун өмүр, өлүм, жашоо кумары, кыял-жорук, пейил, ынтымак-ырашкерлик, мүдөө-максат, түбөлүктүүлүк сыяктуу абстрактуу ой жүгүртүүнүн түшүмү болгон түшүнүктөр камтылган. Ал муздактан бери куйрук улап, өчпөй, тутанып келе жаткан мындай философиялык ой бүтүм ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын, ак пейил менен наадандыктын, боорукерлик менен мыкаачынын, ырайлуу менен ырайсыздын, токпейил менен ачкөздүн ортосунда жүрүп келген тынымсыз күрөш, анын бу жалгандагы маани-маңызы ачылат.*

*Поэзиянын дүйнөсүнө башбаккан ар бир чыгармачыл инсан адам жан дүйнөсүн тазарткан, аны улуу бийиктерге чакырып, шыктанткан сүйүү темасына кайрылбай койбойт. Бул мыйзам ченем көрүнүш. Сүйүү - бул сапар картайгыс, сүйүү - бул узарган узак жол. Жакшылык аганын саптары да ошол узарган сапарда максаттуу жол улагансыды.*

*Акындын айрыкча туулуп өскөн жери, анын ыйыктыгын даңазалаган ырлары көңүлдү өзүнө бурат. Ал үчүн мекенден анын абасынан, суусунан, топурагынан өткөн ыйык нерсе жок. Үчүнчү тарам ушуга багышталды.*

*Төртүнчү, бешинчи тарамдарга киргизилген акындын ата-эне, бир тууган, уул-кыздарына, боордошторуна, замандаштарына арналган ырлары түпкүлүгүндө кимге багышталып жазылганына карабай, барып -келип автордун пейилинин тазалыгынан кабар берет.*

*Албетте, ыр топтом жарыкка чыгып жаткан соң андагы ырлардын баары телегейи тегиз болбойт, бирин-экин алешем калгандары да жок эмес, алар учур, мезгили келгенде кайрадан каралып, бышып жетилеер. Кой аксагы менен түгөл эмеспи…:*

*Канткен менен накта поэзия жыттанган, анын бийик таланттарына жооп берген ырлары арбын, буга «Мезгил», «Өксүтүп, кусалантып, муңкандырып", «Өмүрлөшүм-сырдашым», «Алтын тойду өткөрсөк», «Назданткан сенин фонем жытың менен», «Урпактарым гүлүн ачсын түрдөнө», «Мээрим төккөн жылуулугун сагынткан», «Байкасам турмуш жолу татаал тура» сыяктуу дагы толуп жаткан ырларды кошууга болот. Айрыкча жыйнактагы «Жол энеси из болот» өзгөчө таасир калтырат. Мындагы философия узун турмуштан, карт тарыхтан кабар берет, андагы биздин милдеттин ыйыктыгы баса белгиленет. Ата-бабаларыбыз улап келген ошол жол, автордун чыгармачылыгына жар болсун. «Жолдор өчсө ал жерде кыймыл токтойт», - дейт автор, ылайым өчпөгөн ошол жолдордун нугунда чыгармачылыктын нукура поэзиянын кыймылын камсыз эткен түбөлүк жашоо, өмүр улансын!*

*Али Турдугулов,*
*педагогика илиминин кандидаты,*
*доцент, эл агартуунун отличниги.*

*Бул дүйнөдө терең сырдуу ар ишке,*
*Кабары жок оо татына наристе.*
*Төрт нерсе айтам:Билсең алар өзүңсүң,*
*Адам жырткыч, тажаал жана наристе.*

*"Омар Хаям".*

# Ойлордун түрмөгүндө кыялданып

## Таңкы үрүл

*Таңкы үрүл, бүлбүл заакым шоолаланып,*
*Бийиктен торгой сайрайт канат кагып.*
*Айлана тунжураган теребелден,*
*Козголот тиричилик кыймыл алып.*
*Ал кыймыл коштоосунда көңүл ачык,*
*Уйкудан ойгоном мен боюм жазып.*
*Тиктеймин тоолорумду мөңгү баскан,*
*Ойлордун түрмөгүндө кыялданып.*

*Топ гүлгө, көк тулаңга мен суктанып,*
*Козголбой көпкө турдум ойлор басып.*
*Өзгөчө кубат берип таза абасы,*
*Жыты аңкып, черим бир аз жазылгансып.*
*Тамылжып жайдын көркү мемиретсе,*
*Чымчыктар кужурашат ойду бөлөп.*
*Мезгил сен тура турчу азыноолак,*
*Сезимде сүйүү толуп, мелт-калт этет.*

## Жашоо өтөөр эл өзгөрүп, жаңырып

*Өмүр агат таттуу-ширин аралаш,*
*Коштоп аны ачуу-муңу катарлаш.*
*Көр тирликтин өөдө-төмөн бөксөсү,*
*Кээде күлсөң, кайра үшкүртүп, кайгыртып.*

*Үмүт менен адамдардын жашоосу,*
*Өтөт берет дайра сымал агылып.*

*Жаратылыш суктандырып кубулуп,*
*Улам түргө-түскө келип өзгөрүп.*
*Кэчөгүнкүм бүгүнкүгө уланса,*
*Эртеңкимдин убактысы шаштырып.*
*Төрт мезгилдин өткөнү да сезилбей,*
*Бирде үшүйм, бирде денем албырып.*

*Бул ааламдын бүтүндүгү түбөлүк,*
*Күн айланса ай-жер кошо айланып.*
*Ааламдагы улуу күчкө тартыла,*
*Жолун улайт жылдыздарга бет алып.*
*Жарык менен түн алмашып адамзат,*
*Жашоо өтөөр эл өзгөрүп жаңырып.*

## Тартылды ак жүзүмө кирдүү маанай

*Асман ачык жылдыздар кубат берип,*
*Түн салкыны кубантып көңүл сергип.*
*Булутсуз ой толкуну түрүлгөндө,*
*Айдын нуру төгүлдү калкый сүзүп.*
*Тунжураган бейпилдик мемиретип,*
*Ой түрмөгүн сермеймин учкай серпип.*

*Ойлонуп ой учугун убай-чубай,*
*Таң сүрдү шоокум салып чымчык сайрай.*
*Бошотпой сыйкырдуу күч кучагынан,*
*Телмирем мен боштуктан тумчуккандай.*
*Дүйнөдөн акылмандан канчоо өттү,*
*Өмүр жетпей, аалам сырын ачалбай.*

*Куюндай ой түрмөгүм алай-дүлөй,*
*Бурганак борошодой мени чулгай.*

*Көңүлгө караңгылык түнөгөндөй,*
*Алыстап шоола учкуну кетти таштай.*
*Бук болуп дем кыстыгып жалгызсырап,*
*Тартылды ак жүзүмө кирдүү маанай.*

## Жамгыр

*Кара булут түнөрүп, куюн чаңды бурады,*
*Дыбыратып мончоктоп, жамгыр төгүп кубантты.*
*Жылга-жыбыт жылтылдап, көлчөлөнүп чыпкалды,*
*Эңкейиштеп агылып, көк шиберди жайпады.*

*Кирингендей жашыл төр, сулуулана бой керди,*
*Бермет мончок тагынып, шүүдүрүмгө чөмүлдү.*
*Көгүш асман таптаза, жашоо кызык көрүндү,*
*Жаап өткөн жамгырым, ырыскыга төгүлдү.*

*Дагы жаап каныктыр, жаратылыш тазарсын,*
*Жаш бөбөктөр суктанып,*
*мookумдарын кандырсын.*
*Ажаарынан жаштардын эргүү күчү ташысын,*
*Жаздай сезим балдардын, жүрөгүндө жашарсын.*

## Күмүш мончок

*Жашыл дүйнө сыры туюк көрүнөт,*
*Шүүдүрүмдөр берметтенип бөлүнөт.*
*Күндүн нуру тоо башылап кылтайса,*
*Күмүш мончок керемети төгүлөт.*

*Мынча неге мончок-мончок мөлтүрөп,*
*Көрүнүшү аянычтуу сезилет.*
*Чайпалганда төмөн кулап мөлт этип,*
*Гүл чанагы күнгө карап бой керет.*

*Нур төгүлүп тамылжытып мемиреп,*
*Табигаттын сулуулугу керемет.*
*Шаңдуу кыймыл шоокумдана башталып,*
*Турмуш жолу улангандай сезилет.*

## Барчын

*Боз түлөк барчын неге шаңшып учат,*
*Тырмагы өткүр келип тумшук каңдап.*
*Уясы аска-зоонун чокусунда,*
*Теңирим башы айланбай кантип жашайт.*

*Төмөнгө тик сайылып шукшурулса,*
*Бийиктен күр дей түшкөн добуш чыгат.*
*Жердеги жан жаныбар коолтонуп,*
*Калтаарый сүрдүү күчүн сезип турат.*

*Тең келип барчындарга ким чабыттайт,*
*Мунарык көк асманда кайып сызат.*
*Өткүр көз бийиктен да куткарбастан,*
*Олжосун качырганда кайра тартпайт.*

## Тамчы булак

*Тамчы булак сызып чыккан аскадан,*
*Аталардан бизге калган мурастан.*
*Жутуп алсаң суусунуңду кандырып,*
*Чайынганда сергип көңүл ачылган.*
*Бүткөн булак көзүн ачсаң тазалап,*
*Конушуңдан жашоо уланат кайрадан.*

## Толкундардын түрмөгүнөн сүрдөдүм

*Кереметтүү көл термелип чайпалды,*
*Ачык асман бүркөп кабак чулгады.*
*Бир заматта шамал боздоп ышкырып,*
*Көлдүн үстүн иңирт-киргилт каптады.*

*Түрмөктөлө үйдөй толкун түрүлүп,*
*Бийиктикке боюн урат күүлөнүп.*
*Үн жаңыртып жээкке келип урунса,*
*Кумга сиңет ак көбүгү бөлүнүп.*

*Көл тынчтыгын ким козгоду билбедим,*
*Толкундардын түрмөгүнөн сүрдөдүм.*
*Эртесинде кайра барып карасам,*
*Ал тынчыган ак куу сүзөт үндөшүп.*

## Аталардан калган деп сөз улашат

*Булак сууга бетимди жууп алып,*
*Көңүл сергип өзүмчө кыялданып.*
*Теребелди ойготуп тынчын алган,*
*Күүдөй жанган обонго кулак салып.*
*Маанайымды көтөрүп уккан кайрык,*
*Миң кубулуп өзгөрүп ойлор басып.*

*Бүчүрлөрү ыргала кайың-талдын,*
*Жээкке тие чубалжып салбырашат.*
*Көлөкөлөп өткөндөр бой сергитип,*
*Тыным алып жүздөрүн чайынышат.*
*Ооздугун чыгарып минген атын,*
*Тушай сала тулаңга чалдырышат.*

*Эс алышып аттанып жолоочулар,*
*Сыймыктанып бул жерге кубанышат.*
*Бүлдүрбөстөн аярлап ыйык күтүп,*
*Аталардан калган деп сөз улашат.*
*Бирок кимдер өстүрүп калтырганын,*
*Билбейт эч ким, ойлонуп башың катат.*

*Кайың-талды өтөккө кимдер сайган,*
*Кереметти купуя сыр жашырган.*
*Сулуулуктар коштолуп шайкештелип,*

*Адамдарга Теңирим жаратканбы?*
*Болбосо анда куюнду шамал айдап,*
*Суу жээгине бүчүрдү калтырганбы.*

## Жаз кумары

*Кумар канбас сулуулукка көз тойбой,*
*Жаз түрлөнүп аруу сезим жетелейт.*
*Аккан өмүр токтолгондой тынымга,*
*Ички дүйнөм бийиктике серпилет.*

*Эрке жели жумшак сылап аймалап,*
*Жүрөгүмдү кытыгылап шаштырат.*
*Өткөн күндөр, кыялаган белестер,*
*Тасмаллана көз алдыга тартылат.*

*Тентек булак назиктене агылат,*
*Шылдыр доошу кулагымды кандырат.*
*Балалыгым мөл булакта жүргөндөй,*
*Сагынычтуу бугум чыгып жазылат.*

*Гүлдөр жайнап кубанычка батырат,*
*Жыпар жыты жүрөгүмдү жашартат.*
*Аткулактуу өрүштөгү ышкындар,*
*мени өзүнө чакыргандай ыргалат.*

*Дагы канча жазды көрөм билбеймин,*
*Жашыл жайлоо керементин эңсеймин.*
*Ак булуттар жамгыр төксө мончоктоп,*
*Жашаргандай мен өзүмдү сеземин.*

*Жаздан алган кубанычтуу дем менен,*
*Бүчүрлөгөн чынар терек өңдөнөм.*
*Неберемди жыттап колдон алып жетелеп,*
*Канаат ала кубанычка бөлөнөм.*

*Элге жерге дагы ырымды жазамын,*
*Керек болсом жүрөгүмдү арнайын.*
*Сапар карып араңардан узасам,*
*Ырларымды жаштар окуп жүрөөрсүң*

## Ак кайың

*Ак кайың ажаарлана суктандырып,*
*Көргөндө жаштыгымды эске салды.*
*Жалбырак бутагынан буруксуган,*
*Жыт уруп сүйүү ыргагы кагып турду.*
*Капыстан качанкы бир өткөн элес,*
*Кылт этип ойду бөлүп алып учту.*
*Бойлошуп биз сүйөнүп турган кайың,*
*Сырдашкан айлуу кечти элестетти.*

## Мажүрүм тал

*Беш көкүл кыз чачындай өрүм салып,*
*Бутагы төмөн түшкөн салааланып.*
*Жазгы жел ыргап учкай сылап өтсө,*
*Добушсуз сезим козгоп сүйүү жанып.*
*Эркелеп назиктенген кыз мүнөзү,*
*Ар бир тал, бутагында камтылгансып.*

*Аңгыча өткүн өтүп шатыратты,*
*Олтурган жаш улан-кыз шашылбады.*
*Буларды көрүп туруп сүйүүсүнө,*
*Кубана жүрөгүмдөн мен ыраазы.*
*Ырыстуу заманымдын жаштарынын,*
*Багына мажүрүм тал жаралганбы.*

## Ак калдыркан көпөлөк

*Шыбактуу көк талаанын көркүн ачып,*
*Каралжын кызыл-тазыл түскө салып.*
*Ак калдыркан көпөлөк учаар элең,*
*Жел аргы шамал жүрсө ойкуй-кайкып.*

*Түр салган көпөлөктүн көптүгүнөн,*
*Табигат ажаарлана жүзүн ачып.*

*Кайыса канат серппей көкөлогөн,*
*Жарышып бала кезде чуркаар элем.*
*Акырын гүлгө консо кармап алып,*
*Суктанып көркөмүнө канаар элем.*
*Достошуп түбөлүккө жүрөлү деп,*
*Аярлап кайра гүлгө коёр элем.*

*Эми мен ал калдыркан көпөлөктү,*
*Боз талаа адырлардан издеп жүрөм.*
*Таңданам бирөөн дагы көрө албадым,*
*Жашырып аны катып койгон белем.*
*Балалык назиктиктин гүлүнө окшоп,*
*Сагынткан көпөлөгүм кайда кеткен.*

## Жамгырым карга айланды

*Магдырап мал жайлоодо ысык аптап,*
*Кубулжуп жай көркүндө гүлдөр жайнап.*
*Турганда сулуулуктар сезим козгоп,*
*Жамгырым карга айланды шумдук аппак.*

*Өзгөргөн кубулушка көз алдымда,*
*Капалуу акыл жетпей көңүл чөктү.*
*Сампарлап бурганактап жааган кардан,*
*Болоорун чоң кырсыктын жүрөк сезди.*

*Жүзүмө күргүштөгөн карлар уруп,*
*Чыйрыгып денем дагы калтырады.*
*Көктөмдөр жашоосуна канбагандай,*
*Басылып кар алдында калып жатты.*

*Карс этип бак-дарактар жерге сулап,*
*Суу карды көтөрө албай сынып жатты.*

*Ит улуп айыл ичи чууга түшүп,*
*Адамдар алапайын таппай калды.*

## Адам улук

*Бул жашоонун кайда учу-кыйыры,*
*Ой жүгүртсөң өзүнчө укмуш сыйкырдуу.*
*Түйүндөрүн ачык даана туйбасаң,*
*Адамзатка алып келээр кырсыкты.*

*Бирок адам күрөш менен жашаган,*
*Максат коюп турмуш жолун улаган.*
*Кылымдардан кылымдарды карытып,*
*Аалам сырын улам ачып жаңырткан.*

*Ай, Күн, Жер да адам үчүн жаралган,*
*Адам улук, адам ыйык баарынан.*
*Төрөлүп ал бешигинде мезгилдин,*
*Жашай берет чексиздикте кайрадан.*

*Аалам сыры, турмуш сыры табышмак,*
*Татаал болот эки түйүн жандырмак.*
*Эй адамдар жалпыңарга кайрылам,*
*Алдыбызда күтөт бизди туңгуюк.*

*Ошондуктан адамзаты ээленбе,*
*Ар бир ишти акылга сал электе.*
*Биримдикте, бүтүндүктө жашаган,*
*Тирлик үчүн турмуш жолун бүлдүрбө.*

## Турмуш сыры

*Турмуштун жолу туюк жана татаал,*
*Адамдар ал туюктан көп адашаар.*
*Тагдырдын жазганына кайрат керек,*

*Анын да шоола чачкан таңы атар.*
*Эгемен теңчиликтүү заманымда,*
*Эл үчүн эмгектенсең бак ачылаар.*
*Түз жүрбөй ак эмгекти сүйбөгөндөр,*
*Бирөөгө кинем коюп долуланаар.*

*Табигат жаратылыш жолу кенен,*
*Изденсе жолу шыдыр бакыт берген.*
*Коомго адал иштеп мээнеттенсең,*
*Үзүрүн элиң көрөт алпештеген.*
*Ала-Тооң из калтыраар жашооңдогу,*
*Киндик кан тамган жериң Ата мекен.*
*Ак сүтүн сага берип каныктырган,*
*Жеткирген эрезеге түшүн энең.*

*Түйшүгүн, оордугун жерден алып,*
*Кыйналсаң журт алдында жүзүң жарык.*
*Өмүр да арманы жок кубанычтуу,*
*Төгүлгөн маңдай териң төп жарашып.*
*Кийинки муундагы урпактарга,*
*Жүрүмүң кала берет шоола чачып.*
*Ал эмес калкың дагы унутпастан,*
*Көз жумсаң эскеришер сөз козгошуп.*

*Убакыт эмгек менен эриш-аркак,*
*Жаныңда кошо жүрөт тең жарышып.*
*Уттуруп убактыңды бошко өткөрсөң,*
*Максатың орундалбай көңүл кирдейт.*
*Эмгектен гана адам бактысын таап,*
*Тарыхта өчпөй турган атын жазат.*
*Сааттын жебесиндей чак-чак уруп,*
*Мезгилдер токтоо бербей алга сызат.*

*Айрымдар турмуш жолун түшүнө албай,*
*Кам урат көр тирликке сокур сезим.*
*Оопасыз жыйган-терген буюмуң да,*

*Балага мурас болбойт муну түшүн.*
*Мураска калаар сенден өрнөк ишиң.*
*Тарбия берген акыл- накыл сөзүң.*
*Жашынан эмгекке аны көнүктүрүп,*
*Жашоого өз алдынча үйрөткөнүң.*

*Турмуштун табышмагы көп сыр каткан,*
*Адамдар ачууга аны түйшүк тарткан.*
*Жаңырып заман улам өзгөрсө да,*
*Туюктар кала берет кат-катталган.*
*Кээ бирде ошол улуу ачылыштар,*
*Адамга чоң кырсыкты алып келген.*
*Чимирик түрмөктөлгөн айланмада,*
*Кылымдар өтө берет кайталанган.*

*Адамдык парыз эмнеде милдетинде,*
*Улууну сыйлай билген пейилинде.*
*Нускасын акыл сөзүн  эске тутуп,*
*Кийинки муундарга беришинде.*
*Элинин намысына жарап берип,*
*Атадан калган жерди ээлешинде.*
*Бабалар улап келген кыргыз салтын,*
*Улантып жаңы мазмун киргизгенде.*

## Ардагерлерге

*Илгертеден айтылган сөз уламада,*
*Карыга урмат көрсөт капа кылба.*
*Жаштарга аралашып көркүн ачат,*
*Басканы айткан сөзү нуска-нуска.*
*Чогула мүйүз тарта олтурушса,*
*Мезгилге үндөшкөнсүйт кайра жана.*

*Ардагер турмуш менен көп сырдашкан,*
*Добуштан болоор ишти билип турган.*

*Жолуңдан адашканда багыт берип,*
*Карылык сөзүн айтып жөнгө салган.*
*Турмуштан өз энчисин алышкандай,*
*Жаштарга суктанышып медер туткан.*

*Кары-жаш бул турмушка катар келген,*
*Улуулар кичүүлөргө жол көрсөткөн.*
*Турмушта туюктардан жолдор издеп,*
*Чаалыга келечектен үмүттөнгөн.*
*Ашуусун аталардын өтө албаган,*
*Багынтып урпактары улап кеткен.*

## Мезгил

*Мезгилиң чексиздикте жолун улап,*
*Түбөлүк жашайт тура тамшандырып.*
*Өмүрү адамдардын чекит сымал,*
*Ааламдан өчөт тура түнгө айланып.*
*Оопасыз оомал-төкмөл заманында,*
*Бөксөрүп кайра толуп ашып-ташып.*

*Жашадым каалашымча моокум канып,*
*Сулуунун жыпар жытын искей жанып,*
*Чаласы дагы бир аз калган сымал,*
*Көңүлүм чөгүп турат капаланып.*
*Денемде кайрат күчүм толкуса да,*
*Карылык улам барат демди басып.*

*Өмүрдүн ширесине каныккансып,*
*Мезгилим азоолукка жүгөн катып.*
*Билинбей күн артынан жылдар өтсө,*
*Биз дагы узаар күнгө жакындашып.*
*Дүйнөгө түркүк болгон адамдар жок,*
*Жашайлы ынтымакта урматташып.*

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 31150



ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ. № 675

## Адамдын адамдыгы жүзү менен

*Жарык да алмашылат түнү келет,*
*Энеден төрөлгөн соң өлүм кезек.*
*Барына жогуна да алдастабай,*
*Жашаган жакшы болот топук этип.*

*Чийилген пешэнеңе турмуш жолуң,*
*Адамдар аны туюн, түшүн соңун.*
*Написиңи көр тирликке канча бурба,*
*Көз тойбойт өзүнчө оору шорлуу тереӊ.*

*Карч уруп кара жанды алып сатып,*
*Адамдар дүйнө жыят мээнет басып.*
*Акыры ал дүйнөңдөн эмне пайда,*
*Жаныңа оопа болбойт кетсең кайтып.*

*Адамдын адамдыгы жүзү менен,*
*Оздон чыккан сөзгө туруп берген.*
*Убада берген сөзгө бек болбосо,*
*Пастыгы ал адамдан абийир кеткен.*

## Жаштык

*Жаштык-жаштык кошо шаштык,*
*Күлкү оюн жарашып.*
*Ак дилиңде капалык жок,*
*Көңүл толкуп күү чалып.*
*Турмуш өзү алга сүрөп,*
*Энчи бөлүп жаткансып.*

*Улам кызык толкуп ташып,*
*Күч кубат бүт арналып.*
*Чагылгандан илеп алып,*
*Сүйүүгө биз от жагып.*

*Айлананы көзгө илбей,*
*Жүргөн чагың ал жаштык.*

## Жүрөк эңсейт кайрадан

*Атыр жыттуу таза абасы сагынткан,*
*Жүрөктөрдө сүйүү сезим жараткан.*
*Түгөйлөшүп колтукташып бир басса,*
*Эрке кызга эр азамат жарашкан.*
*Имергенде селки бойго кыналып,*
*Көк тулаңы эки жашты жашырган.*
*Көздөруңөн от учкуну тутанып,*
*Махабаттын күчү адамды азгырган.*
*Атаганат ошол менин учурум,*
*Издеп жүрөм, жүрөк эңсейт кайрадан.*

## Өзүңдү эстеп оорумду мен унутам

*Күтпө мени күтпө мени зарыга,*
*Кыйнабагын унут мени тарынба.*
*Кучак жайып тосуп алчу өзүңдү,*
*Сүйүү жанган жаштык кезим алыста.*

*Билем сенде тунук сүйүүң бардыгын,*
*Ширесине мен да толук канбадым.*
*Жоодураган кара көзүң сагынткан,*
*Жүрөгүмдөн орун алган асылым.*

*Мен өткөндүн күндөрүндө жашаймын,*
*Ушунчалык татаал беле тагдырым.*
*Мезгил күтпөй токтолбостон шаштырат,*
*Мен оорудан чүнчүп бүгүн басындым.*

*Жүрөгүмө кайгы жутуп муңканам,*
*Кош каректен жаш сызылат чубурган.*

*Кэчөгүнкү шайыр мүнөз менде жок,*
*Каргашалуу оору жанды мыкчыган.*

*Ошентсе да сүйүү отуңду сагындым,*
*Жүрөгүмдүн толтосунда сактаган.*
*Палатада жалгызсырап жатканда,*
*Өзүңдү эстеп оорумду мен унутам.*

## Мен ыраазы дарыгер эмгегине

*Эх тагдырым ушунча катаал белең,*
*Мен турмуштан өзүмө көптү күткөм.*
*Элим үчүн өмүрдү арнасам деп,*
*Ата жолун улантып эмгектенгем.*
*Кырктан жашым жанындан өткөн кезде,*
*Өмүр турат колунда дарыгердин.*

*Палатада жатамын бүркөп кабак,*
*Жаным кейип денемди шишик басат.*
*Улам жарып хирургдар наштар менен,*
*Кулгундаган ириңди мыкчый сыгат.*
*Тампон коюп дарылап таңып койсо,*
*Каткан кирпик жумулуп уйку басат.*

*Мен ыраазы дарыгер эмгегине,*
*Орток болгон адамдын өмүрүнө.*
*Ажал менен кармашып алып калып,*
*Кайра экинчи жашоого үмүт берген.*
*Бирөө үчүн кыйналып азап чегип,*
*Оорулуунун кайгысын тең бөлүшкөн.*

## Мээрим төккөн жылуулугун сагынткан

*Карашыңан аяо сезим чагылган,*
*Ак халатчан врач кызды сагынам.*

*Аппак колун аягандай сыласа,*
*Жүрөк каным бетке дүргүйт тамырдан.*
*Маңдайымда жанып турган жылдыздай,*
*Мээрим токкон жылуулугуң сагынткан.*

*Ажал чиркин торгоп жолду турса да,*
*Алдырбасмын врач кыз бар жанымда.*
*Ишенемин дарыңды ичип айыгам,*
*Кадам коем кайра экинчи турмушка.*
*Карап тура бергим келет тойбостон,*
*Жашоо берген карашыңдан өзүңдү.*

## Жалооруй карашыңды аяп кетем

*Басканын карап туруп жеңелердин,*
*Өзүмчө күлүк ойдо термелемин.*
*Өткөргөн балалыктын ширин кезин,*
*Тымызын кумарлана эскеремин.*
*Кайним деп маңдайымдан сылаганда,*
*Өзүмдү жоготкондой эркеймин.*

*Алгачкы ууз сүйүүм менден таткан,*
*Сакталып жүрөгүңдө болду бекен.*
*Жаштыкка кусалантып дэлөөрүтчү,*
*Кылыктуу назик мүнөз кайда кеткен.*
*Сымбатын карап туруп азыр деле,*
*Жүрөгүм тыз дей түшүп жанып кетем.*

*Жаштыктын балалыктын назын алган,*
*Жеңелер аралашып жашап келем.*
*Оо.. бала деген сөзүн угуп калсам,*
*Жүрөккө тааныш үнүң таасир эткен.*
*Көзүңдөн балалыгым издеп карап,*
*Жалооруй карашыңды аяп кетем.*

## Чолок жашым тамчылайт

*Быт-чыт болгон ой учкуну,*
*Сапка келбей чачырап.*
*Жаңы заман өгөйлөнүп,*
*Адам көнбөй саруулап.*
*Келечекти тоскон өңдүү,*
*Сокур сезим чылбырлап.*
*Өткөн элес көз алдыга,*
*Улам кайра тартылат.*
*Жаштыгымдын күлгүн чагы,*
*Жылмайгансып чакырат.*
*Мээримиңе бөлөп алып,*
*Маңдайымдан сыласа,*
*Мен кумарлуу боюм балкып,*
*Чолок жашым тамчылайт.*

*Кечөө эле чыбык минип,*
*Ойноп жүргөн бала элем.*
*Жылдар өтсө мен улгайып,*
*Бырыш басып чыйырлайт.*
*Бир кайрылбай менден өттү,*
*Кырчын курак кечөөгү.*
*Жаштыгымдын аппак таңы,*
*Зар какшатып коебу.*
*Өмүр белдин ашуусуна,*
*Жылдар санап жетесин.*
*Өтө бийик жана татаал,*
*Жеткениң да билбейсиң.*
*Сүйүү толгон оюн күлкү,*
*Кылчайбасын түшүнгүн.*

*Өткөн турмуш толкунунда,*
*Чөгүп калкып жашадым.*
*Бороонунда ал замандын,*
*Кайрат менен чыдадым.*

*Сызып учкан убакыттар,*
*Келбейт эми капамын.*
*Эр ортону элүү жаштан,*
*Өткөн азыр учурум.*
*Кызыл гүлдү жыттаганда,*
*Моокум канбас мезгилдер.*
*Бизди таштап кетип калган,*
*Элесинде жашаймын,*
*Аргасыздан макул болуп,*
*Турмушка мен ызамын.*

## Чымчыктарым

*Көлдөй тунук көздүүлөрдү,*
*Көк чымчык деп атадым.*
*Ак куу сындуу алма жүздүү,*
*Ак чымчык деп ырдадым.*
*Өткөндөрдү ойлоп эми,*
*Жүрөгүмдө самаймын.*
*Чымчыктарым жүрүшкөндүр,*
*Эскеришип далайын.*
*Сайраганы чымчыктардын,*
*Жүрөгүмдүн сырлары.*
*Жаштыгымды кандырышкан,*
*Бал тумуштун жыргалы.*

*Жаштык кезим текке кетпей,*
*Доорун сүрүп сергидим.*
*Мен жарашып чымчыктарга,*
*Торгой күүсүн черткемин.*
*Жаштыгымдын күлгүн чагын,*
*Силер менен өткөрдүм.*
*Нысабы жок ошол мезгил,*
*Кайрылбастан узадың.*

*Куса басып жүрөгүмдү,*
*Эңсөө кумар күч алды,*
*Кайдасыңар чымчыктарым,*
*Үмүт үзбөй күтөмүн.*

## Өрүк зарга баралбайм

*Өрүк зарга баралбайм өрүүм калган,*
*Кемпир тартса колумдан козголо албайм.*
*Жамбаш сөөгүм сыздатып берчке айланып,*
*Копшолалбай ордумдан муунум каткан.*

*Жаш кезимди ойлосом жаш кылгырат,*
*Тамчы үзүлүп мөлт этип бетти аймалап.*
*Буулуккандан эңсеген жүрөк сыздап,*
*Кош айтышпай жаштыгым менден узап.*

*Өрүкзарлар гүл бакчам канаат алган,*
*Узап менден кайрылбай зарыктырган.*
*Ээлендирип жүрөктү азыр деле,*
*Сагынганда бүлүнтүп кыйноо салган.*

*Өрүкзарлар жарашат жаштар барса,*
*Күлкү аралап оболоп күүлөр жанса.*
*Гүлүн ачкан гүлзарлар жыты аңкыган,*
*Козгоп сезим жуурулуп моокум канса.*

## Куда-сөөк жолу таза экен

*Уул үйлөп, кыз бермек,*
*Ата-Баба жолу экен.*
*Байыртан кыргыз элинде,*
*Барктап күткөн салт экен.*
*Эскинин жолу дегендер,*
*Ыймандан кеткен неме экен.*

*Куда сөөк болуп бекишүү,*
*Ата-эне чечкен иш экен.*
*Кылымдардан келаткан,*
*Үй-бүлө куруу шарты экен.*
*Көшөгө тартып келинге,*
*Жүгүнткөн каада салт экен.*

*Баладан өтүп чоңоюп,*
*Балтыр эти торолуп,*
*Эр жигитке жеткенде,*
*Айылдан издеп кыздарды,*
*Сөйкө салуу адеби,*
*Сүйүүнүн туңгуч жолу экен.*

*Эки жакшы жайлоого,*
*Бирге болуп жайласа.*
*Кайра көчүп жакага,*
*Бел куда болуп кайтышса,*
*Мөлтүр кашка булактай,*
*Куда сөөк болуу таза экен.*

*Басып келген душманга,*
*Беттешип катар турушкан.*
*Кызыл канга батышып,*
*Салгылашып жүрсө да ,*
*Бирин бири сыйлаган.*
*Куда сөөк жолу улуу экен.*

*Касташкан эки тарапты,*
*Элдештирип тынчыткан.*
*Кызын алып кыз берип,*
*Кырк күнү тоюн түшүртүп,*
*Кайгысын элдин бастырган,*
*Элчиликтин жолу экен.*

## Кытмыр күлкү табаласа муң түнөйт

*Шүүдүрүмдөй мөлт төгүлүп өмүрүм,*
*Бул турмуштан капа менин көңүлүм.*
*Кырк үч жаштын кырына мен чыгалбай,*
*Таш баскандай үзүлдү го тилегим.*

*Капаланбайм бактым баштан тайса да,*
*Чөгөлөбөйм тагдыр кыстоо салсан да.*
*Ата журтка арнаган ак эмгегим,*
*Калса болду унутулбай артымда.*

*Бакты консо күталбасаң ал кетет,*
*Кытмыр күлкү табаласа муң түнөп.*
*Жаш көлдөтүп тизе бүгүп жалынып,*
*Жараткандан суранганда не бермек.*

*Жалган чындын аралыгы каш кагым.*
*Чагымчылдан алыс жүргүн ат чабым.*
*Бүрдөп турган ыйык чынар болсоң да,*
*Балта урулса соолуп калат тамырың.*

*Пешэнеңе жазып койсо периштең,*
*Майнап чыкпайт кайгыланып кейиштен.*
*Төрөлгөн соң бул дүйнөгө жыңалач,*
*Жыйган оокат алып калбас өлүмдөн.*

*Өмүр чиркин өтсө-кетсе көз ирмем.*
*Караңгылык чүмкөп калат көрүңдөн.*
*Бейиш тозок ак-карасын ким билсин,*
*Сурак берип кайтканы жок ал жерден.*

*Тирүүлүктө жаштык гүлүн өчүрбө,*
*Тоо гүлүндөй суктандырып бөпөлө.*
*Гүлү түшсө искегенден пайда жок,*
*Жаштыгыңа ич оорутуп өкүнбө.*

*Кабылганда назик сезим сүйүүгө,*
*Жай алдырбай жанып турар көңүлдө.*
*Ошол жалын шоола болуп нур чачкан,*
*Өчсө анда айланды го көмүргө.*

*Эй, адамзат! билгин тирүү чагыңда,*
*Сулууларды сүйсөң калдың балаага.*
*Куу түлкүдөй миң өзгөрүп жазгырып,*
*Өмүрүңдү салат түпсүз кайгыга.*

*Кур талашпа тууганыңдан, жатыңдан,*
*Акмак да бол кыялына жарашсаң.*
*Антпегенде ортодон жик бөлүнөт,*
*Бирдей эмес акыл деген адамда.*

*Түшүнбөгөн түркөйлөрдөн талашсаң,*
*Каның кызып адашасың акылдан.*
*Талашканча сеники чын деп кутул,*
*Ошол гана акмактарга жарашкан.*

*Жалгыз калган боштук баскан күндөрдөн,*
*Мен өзүмчө жапа чегип жүдөймүн.*
*Жардам берчи ой бөлүшчү замандаш,*
*Мен өзүмдүн чен өлчөмүм билбедим.*

*Айрымдары акылынан кетти дейт,*
*Акылдуу адам шылдың болуш эппи дейт.*
*Кээ бирөөлөр аягандай карашып,*
*Демин берип эл ичинде жүрчү дейт.*

## Алды жагын улам карай чаалыгат

*Үмүт берген бир таман жол созулат,*
*Бир кайырчы илкий басып соругат.*

*Жок дегенде караан көрүп калсам деп,*
*Алды жагын улам карай чаалыгат.*
*Кеберсиген эриндерин жаланса,*
*Күн аптабы мээ кайнатып куйкалайт.*
*Чаңкагандан мууну бошоп каржалып,*
*Тагдырына оор үшкүрүп шыпшынат.*

*Оо.. жараткан мынча неге алсызды,*
*Багын байлап шорго малып кууратат.*
*Ансыз дагы жүзүн баскан бырыштар,*
*Таржымалдап турмуш жолун баяндайт.*
*Зар какшаса жалгыз калган шордуунун,*
*Жүзүн жууган көз жаштары тамчылайт.*
*Ала-Тоонун азаптуу бел ашуусун,*
*Артса дагы жолу болбой муңканат.*

*Ал шордуулар мөгдөп жанын багалбай,*
*Кайрымдуу издеп колун созот жалдырай.*
*Көрүп туруп жаны кейип койбостон,*
*Кандай таш боор өтүп кетет кылчайбай.*
*Эркиндик деп чуу түшүрө кыйкырып,*
*Жаңы заман курабыз деп жүгүрдүк.*
*Жашообуз да өз нугунан өзгөрдү,*
*Элим тозду, жакырланып бүлүндү,*

*Сүйүү - бул адамдын ички руханий дүйносүндө жаралган, эркке баш ийбеген көз ирмемдеги тааным, түюм, сезим, уланган өмүр, чексиздике сапар*

# Сүйүү – сапар, узарган

## Өмүрлөшүм - сырдашым

*Мээримиңе балкып көңүл эриген,*
*Жаштыгымдын көктомусуң бүрдөгөн.*
*Макмалымдын гүл жыттанган төрүндөй,*
*Сүйөм сени жүрөгүмдөн жан эркем.*

*Дале сүйөм бир өзүңө берилем,*
*Жаш кездерди унутпагын жан эркем.*
*Карап койчу кадимкиңдей төгүлүп,*
*Ошондо мен көк деңиздей түрүлөм.*

*Эстегенде ой толкуну үролгөн,*
*Далай жигит жете албастан сүрдөгөн.*
*Мөлтүрөгөн карагаттай көздөрүң,*
*Жүрөгүмдүн назик кылын күүлөгөн.*

*Тагдырыма бакыт болуп нур чачтың,*
*Өмүрүмө бүрдөп чанак гүл ачтың.*
*Дагы канча жашоо күтөт алдыда,*
*Аман жүрчү өмүрлөшүм-сырдашым.*

## Эрке мүнөз кыз элең

*Эрке мүнөз шайыр келген кыз элең,*
*Жүрөгүмдү бийлеп алып жүдөткөн.*
*Ашык болуп алгач сени көргөндө,*

*Көз карашың сыр бергендей сезилген.*
*Топ кыздардан бир өзүңдү каалагам,*
*Жетемби деп уйкум качып самагам.*
*Тагдыр бизди бир түйүнгө кошкондо,*
*Жүрөгүмдөн тунук сүйүүм арнагам.*

*Искегенде гүлүм сенсиң жайнаган,*
*Жыттаганда жытына мен канбагам.*
*Бийигине махабаттын кол жеткис,*
*Канткенде мен моокумумду кандырам.*

## Жүрөгүңдө мен болоюн

*Күлүп койчу кыялдана наздана,*
*Көйрөң жигит жандай калсын жаныңда.*
*Алдоосуна кокус жибип кетпегин,*
*Жүрөгүңдө мен болоюн күү чала.*

*Сүйлөп койчу кашты серпе көз кыса,*
*Түшүнбөгөн түшө калсын алдыңа.*
*Капысынан туткун кылып койбосун,*
*Мени салып жалбырттаган жалынга.*

*Турмуш менен ойнобойлу түгөйүм,*
*Макул болсоң баш кошолу сүйгөнүм.*
*Созо берип убакытты кылчактап,*
*Өкүнүчтө кийин калып жүрбөйүн.*

## Карегиңде калсын сүйүүм тартылып

*Кучакташып бөлүнө албай турушуп,*
*Дем кыстыгып аба жетпей буулугуп.*
*Атаганат ошол менин учурум,*
*Жүрөктөгү сагынычка жуурулуп.*

*Биз ойгонуп түш көргөндөй шаттанып,*
*Көздөн-көзгө от учкуну тунарып.*
*Бал турмуштун бой балкыткан кумары,*
*Денебизге сиңген өңдүү таралып.*

*Сезип туюп, сүйүү искеп жашарып,*
*Карай берем сымбатыңа суктанып.*
*Имерилип күлүп койчу төгүлүп,*
*Карегиңде калсын сүйүүм тартылып.*

*Алоолонгон жаш сүйүүмдү ырдадым,*
*Бир төшөктө кумар жазган жыргалым.*
*Бакыт кушум тагдырыма туш болгон,*
*Жаштыгыма гүлүн ачкан булагым.*

## Өксүтүп, кусалантып, муңкандырып

*Наристе махабатың көз тунартып,*
*Сүйүүнүн кучагында чалкып батып.*
*Моймолжуп карагаттай коюланган,*
*Көзүңдөн сүйө-сүйө моокум канып,*
*Каректер каректерге чагылганда,*
*Арбаган сыйкырдуу күч багындырып.*

*Боюма кыскан сайын кыналышып,*
*Жүрөктүн дэлөөрүтүп назын алып.*
*Көздөрдөн учкун жалын мээрин төксө,*
*Бой балкып жаштык оюм улам жанып.*
*Эркимди ээлеп алып ай жамалың,*
*Өзүмдү жоготупмун мен тартылып.*

*Ай жылдыз нурун төгүп жымыңдашып,*
*Махабат моокум канбай гүлүн ачып.*
*Мен тартсам сен жуурулуп кучагыма,*

*Сүйүүбүз дайра болуп толкуп ташып.*
*Балкыткан сезимдерге канықканда,*
*Магдырап көптөн күткөн эңсөө канып.*

*Сагынтып жүрөгүмдү жаралантып,*
*Айлуу түн жаштыгыма тагын салып.*
*Гүл терген жайлоолордо катылгандай,*
*Элесиң көңүлүмдү кубандырып.*
*Жаштыгым кайда кеттиң, учкан куштай.*
*Өксүтүп, кусалантып, муңкандырып.*

## Алтын тойду өткөрсөк

*Мен ыраазы тагдырыма өмүргө,*
*Сени менен бир жашаган күнүмө.*
*Жан шеригим ак никелүү түгөйүм,*
*Бакыт болуп агып кирдиң дилиме.*

*Бул турмушта сенден бүрдөп көгөрдүм,*
*Уул-кыздын урматына бөлөндүм.*
*Жашообузда жакшы үмүттөр акталып,*
*Дагы алдыда ичээр суубуз көрөөр күн.*

*Куттуу күндүн кучагында термелип,*
*Уул-кыздын урмат сыйы дем берип.*
*Алтын тойду өткөрөбүз бапырап,*
*Айыл-апа, дос-туугандар эл келип.*

## Тоо гүлүм

*Ырдасам үнсүз мага жакындайсың,*
*Айтууга ички сырды батынбайсың.*
*Ачылган жалбыз гүлдөй жалгызсырап,*
*Оо.. перим жакындабай, жатыркайсың.*

*Керемет карегиңден нур төгүлүп,*
*Канчага жүрөгүмдү сен кыйнайсың.*

*Чачымды уйпаланган сылап койчу,*
*Кааласаң көздөн сүйүп кана тойчу.*
*Жүрөктү бүт өзүңө мен арнайын ,*
*Жаныма жакын келип бирге олтурчу.*
*Көңүлдүн буккан чери таркап кетсин,*
*Кошулуп комузума обон созчу.*

*Жараткан бизге берген жаштык курак,*
*Ачылып жыпар жыты аңкып турат.*
*Кошулуп эки жүрөк бирге какса,*
*Жарашып бакыт гүлү чанак ачат.*
*Тоо гүлүм бир өзүңдү сүйүп калдым,*
*Жообун бер жаш жүрөгүм тынчсызданат.*

## Назданткан сенин фонем жытың менен

*Жарашып чарчы боюң келбетиңе,*
*Жаштыгың из калтырат жүрөгүмө.*
*Жаш өмүр жаз гүлүндөй назик болот,*
*Тоскоолдук этпейминби мен сүйүүңө.*
*Баркыңды баалай билип ойноп-күлгүн,*
*Кадырга жете билчүү эр жигитке.*

*Карасаң карегиме телмиргендей,*
*Жүрөктүн түпкүрүнө дем бергендей.*
*Жаштыктын жазы мага кайра келип,*
*Сен жактан жалын бүркүп от бергендей.*
*Керемет сыйкырдуу күч арбагандай,*
*Махабат кучагына самап дегдей.*

*Телмире карашыңды аябастан,*
*Кайрылып мага шайдоот күлүп койчу.*
*Сагынткан кусалыгым таркап кетсин,*
*Жарк этип маңдайымдан сылай өпчү.*

*Назданткан сенин фонем жытың менен,*
*Таркасын журөгүмдүн сагынычы.*

## Байкасам, турмуш жолу татаал тура

*Турмушта эч нерсени байкабастан,*
*Күндүгүм ошол бойдон өтөт дегем.*
*Жүрөктө толгон сүйүүм ашып-ташып,*
*Кышкы аяз, жай чилдесин мен билбегем.*
*Азыркы абалыма карап туруп,*
*Жан кейип мусапырдай үшкүрүнөм.*

*Ал мезгил азоолонтуп алдастаткан,*
*Жаштыктын майтарылбас күчү экен.*
*Кол сунсам бакыт кушун сермеймин деп,*
*Көпкөлөң анда тартып жүргөн белем.*
*Байкасам турмуш жолу татаал тура,*
*Бактыны таразалап калыс бөлгөн.*

## Кошунам Жамилага

*Жаштык отум жалындап денемдеги,*
*Жүрөгүмдү козгойсуң эй Жамила!*
*Жүзүңдөгү жылмаю бийлеп барат,*
*Сезесиңби сен менин сүйгөнүмдү?*
*Тагдырыма жазбаптыр кантмек элем,*
*Жүрөгүмдө сакталуу сүйүү өргүүсү.*

*Мен асманды карасам булут санап,*
*Үйгө кирип чыгасың жумуш жасап.*
*Мүнөзүңдүн жумшагы назиктиги,*
*Кучагыңа алгандай мени матап.*
*Билинбестен тартылып мээримиңе,*
*Оо.. Жамила өзүңдү жүрөк самайт.*

*Көз карашың жылмайып жүрөк өрттөп,*
*Мен баратам жаштыктан күндө алыстап.*
*Улам жашоо кызыгы үмүт берип,*
*Жашагансыйм өткөндүн күнүн эңсеп.*
*Аясаңчы Жамила агайыңды,*
*Жашоосуна өмүрдүн гүлүн эгип.*

## Балалык тунгуч сүйүүм аруулантып

*Сүйүүнү катсам дагы түйүндөлгөн,*
*Кусанын кумарында жапа чегем.*
*Сагынам жаш кездеги жыпар жытың,*
*Канбагам ушунчалык кымбат белең.*
*Оо.. менин жаштыгымдын назик гүлү,*
*Күү эргип жүрөгүңдө калдым бекен.*

*Арадан айлар өтүп, жылдар өтүп,*
*Кара чач күмүштөндү коом өзгөрүп.*
*Жолуксам аянычтуу көз карашың,*
*Жүрөгүм дале эңсейт сени эскерип.*
*Оо.. менин жараланган эт жүрөгүм,*
*Качан сен унутасың үмүт үзүп.*

*Сагыныч кумар жазган айлуу түндөр,*
*Көңүлдөн чыкпады го шамы жанып.*
*Эмне үчүн тагдыр бизди ажыратты,*
*Сен бөлөк мен өзүңсүз өмүр сүрүп.*
*Оо.. менин жүрөгүмдү ойүп келет,*
*Балалык туңгуч сүйүүм аруулантып.*

## Арналган сүйүүм болгон эми арман

*Көзүңдүн жамгырлатып жашын төгүп,*
*Кусалык ичке батпай бүгүн ташып.*
*Жанында аягандай карап турдум,*

*Айласыз жүрөгүмдөн мен да сызып.*
*Тагдырдын бизге жазган каргашасы,*
*Өчүрдү сүйүү отуна тамга басып.*
*Көлдөткөн көз жашында эмне айып,*
*Баш кошуп өмүр шерик боло албадык.*
*Бактыга жазган тура экөөбүзгө,*
*Бөлүнүп калбадыкпы ажырашып.*
*Азыр да жүрөгүмдөн сыздап турам,*
*Тамчылап мончоктогон жашты көрүп.*

*Бугуңду чыгарып ал ичте каткан,*
*Жүрөктө кат-катталып кусалантткан.*
*Эсимен чыгаралбай дале жүрөм,*
*Алгачкы сүйүүбүздү отко ыргыткан.*
*Анттакан убаданы бузуп койдуң,*
*Арналган сүйүүм болгон эми арман.*

## Мен эми жарашпаймын жаш сүйүүңө

*Мен эми жарашпаймын жаш сүйүүңө,*
*Жалбырттап алоолонгон жүрөгүңдө.*
*Мезгилим колдон алып шаштыргандай,*
*Саамайым буурул чалган кезегиңде.*
*Көп карап жүрөгүмдү өйүбөчү,*
*Ансыз да сыздап турат өзү эле.*

*Жүрөгүм муңканычтуу сүйөм дебе,*
*Ар кимдин өз бактысы мезгилинде.*
*Жаштыгым өтсө дагы сенден көрөм,*
*Жалбырттап учкун берген жүрөгүмө.*
*Каректе ширелишкен сүйүү турат,*
*Асылым жете албасмын эми өзүңө.*

## Кыз кыялдуу жоругуң

*Кызылдан сенин жоолугуң,*
*Кыз кыялдуу жоругуң.*

*Кызымтал болгон адамдай,*
*Кымбатым сен деп оорудум.*

*Жашылдан сенин жоолугуң,*
*Жарпымды жазат жоругуң.*
*Эзилишип жатсам дейм,*
*Эркимче каным моокумум.*

*Жарашыктуу форумуң,*
*Жарашып күлкү оюнуң*
*Жароокер сени көп ойлоп,*
*Жаштыктын тарттым оорусун.*

*Акактай тишиң кашкайып,*
*Айла жок жүрөк байланып.*
*Армансыз моокум кандырсаң,*
*Айлуу түндө бир жатып.*

*Көргөндө жүрөк кубанып,*
*Астыртан карап тик багып.*
*Жообуңду сенин угалбай,*
*Убайым тартам саргарып.*

*Кызылды кийсең жарашып,*
*Кыз кезиң жыпар гүл ачып.*
*Кулпуруп жанда жүргөндө,*
*Көргөндөр калчу сук артып.*

*Жашылды кийсең жарашып,*
*Жаштыгың мага гүл ачып.*
*Жанымда турсаң жалжалым,*
*Жамалың турчу нур чачып.*

*Кара көз сени наздадым,*
*Көңүлүм менин калбасын.*
*Көк шибер болуп жайкалган,*
*Жүрөгүм сүйгөн жайдарым.*

*Жүрөктөн жалын чачырап,*
*Арманым ичте катылат.*
*Түнкүсүн үйдө жаталбай,*
*Жан эркем жүрөк сагынат.*

*Көзүңдөн отуң чачырап,*
*Көңүлдө көп сыр катылат.*
*Ойногон күлгөн жерлерим,*
*Алагды кылат ар убак.*
*Басканың эстейм гүл бурап,*
*Каш кагып сүйүү толкундап.*
*Жаныңда бирге жүрчү элем,*
*Гүл үзүп улам тартуулап.*

*Сагынат жүрөк сагынат,*
*Кусадар болуп саруулап.*
*Капага чөккөн убагым,*
*Көңүлдү жазчы жаркылдап.*

*Эмнеге мынча буулугуп,*
*Жүрөгүм кыйнап шаштырат.*
*Эңсеймин бирок жеталбай,*
*Аргасыз багым байланат.*

*Көөдөнгө боштук түнөгөн,*
*Капамды кимге бөлүшөм.*
*Ушинтип жүрүп мен кургур,*
*Өтөмбү жалган дүйнөдөн.*

*Түн уйкумду бөлөсүң,*
*Түйшөлтүп түшкө киресиң.*
*Ойгонсом жоксуң жанымда,*
*Колума качан тийесиң.*

*Көлдөгү сүзгөн аккуусуң,*
*Канткенде колго түшөсүң.*

*Торумду сага жайалбай,*
*Кыжаалат менин жүрөгүм.*

*Шылдырап аккан булактай,*
*Күлкүңө болдум мен ашык.*
*Беймаза кылбай жообун бер,*
*Эзилди жүрөк таарынып.*

*Тоту куштай таранып,*
*Көзүмдүн жоосун аласың.*
*Артыңан калбай акмалайм,*
*Кайрылчы санаам басылсын.*

*Түн күзөтүп күн сайын,*
*Терезеңден кетпеймин.*
*Күйгүзүп буттуң түгөнгүр,*
*Үмүтүм үзүп жүрбөйүн.*

*Жолуга сага албадым,*
*Ичиме толду арманым.*
*Капкан салып койсом бейм,*
*Аягыңдан бир чапсын.*

*Күнүгө күтүп чарчадым,*
*Күч алып ичте арманым.*
*Жебени тартып койсом дейм,*
*Тартылса төшкө кадалсын.*

*Аяймын жаным аяймын,*
*Ал жолго колум барбассың.*
*Маңдайыңан мен сылап,*
*Койнуңда жатсам ар дайым.*

*Эзилишип көрүшсөм,*
*Эркелеп ооздон өбүшсөм.*

*Анда да моокум канбайт го,*
*Жанымда бирге жүрбөсөң.*

*Карагаттай көзүңдөн,*
*Кагылам жаным өзүңдөн.*
*Какшатпай мени суусатып,*
*Кандырчы сүйүүм басылсын.*

*Оопасыз ушул дүйнөдө,*
*Түбөлүк жашап калбайбыз.*
*Жаш кезде ойноп күлөлүк,*
*Өткөрсөк келбейт кайрылып.*

*Ажал жетип күн бүтсө,*
*Калбайбыз жарык дүйнөдө.*
*Жамынып кара топурак,*
*Калаарбыз көрдүн түбүндө.*

*Айткан сөзгө кулак сал,*
*Кыйнабай мени тилди ал.*
*Жаш кезде ойноп күлөлү,*
*Жаштыгың кетээр кайрылбай.*

*Каш кагып жандан өтөсүң,*
*Сүйөмүн жаным билесиң.*
*Кыйнай бербей жөнү жок,*
*Жообуңду айтчы сүйгөнүм.*

## Акын кызга

*Акын кызым жазган ырың окудум,*
*Көздөрүмдү жашка ороп толтурдум.*
*Сүйүүбүздө экөөбүздө тең боштук,*
*Каршысынан тагдырлар да окшошуп.*
*Наристе да төрөлгөндө энеден,*
*Келет тура бир мүчөсүз көз жарып.*

*Мен да өзүңдөй мезгил өтсө жаш төгөм,*
*Ыза толгон өмүр жашка өкүнөм.*
*Көңүлүмдү басмырттатып чөгөрөт,*
*Тандап алган жүрөк гүлүм сүйгөнүм.*
*Бакты-таалай өтөлүнө чыгалбай,*
*Эмнени эңсейт түшүнбөдүм бөксөрөм.*

*Топ кыздардан тандап сүйгөм ичинен,*
*Эрке мүнөз шайыр өңдүү түсүнөн.*
*Кыз гүлүнүн асылына каныгып,*
*Өз бактымды таптым деген сүйүнгөм.*
*Кол кармашып канат сермеп ааламга,*
*Учсак деген тилек болгон серпилген.*

*Далай жылды биз бактылуу жашадык,*
*Таркабаган сүйүү эңсөө кусалык.*
*Турмуш дагы бактыбызга жараша,*
*Гүлүн ачты чанагынан жарылып.*
*Эки дене айырмасы жок бүтүн,*
*Оюн-күлкү сүйүү эмгек жарашып.*

*Сенде сүйүү мажүрүм тал айлуу түн,*
*Шок ышкысын үзүп тынган арман күн.*
*Мендеги арман ай караңгы түңгүюк,*
*Актыгына ак шейшебим малынып.*
*Экөөбүздө бирдей түйүн чечилсе,*
*Анда неге биздин көз жаш төгүлөт.*

*Сендеги арман түңгүч сүйүү канбаган,*
*Уузуна каныкпаган самаган.*
*Чалпоо мүнөз бөгөт болуп бактыңа,*
*Тыз дей түшүп, аялуу жер тамырдан.*
*Өзөгүнө жүрөгүңдүн ыр түнөп,*
*Эстегенде ой түрмөгү жабырган.*

*Мендеги арман туңгуч сүйүү каныккан,*
*Сезимимде жүрөк толкуп жарашкан.*
*Табигаттын бөгөт койгон жолунда,*
*Эркке көнбөй дале бирге жашаган.*
*Ууз сүйүүм жүрөгүмө жык толуп,*
*Тамылжыткан назик сезим сакталган.*

*Ой учкуну түрмөктөлөт менде да,*
*Тынчтык бербей жүрөгүмдү кыйнаган.*
*Токтоолукта кармансам да өзүмдү,*
*Тынч уйкумду бөлүп-бөлүп шаштырган.*
*Жүрөгүмдө түнөгөн ыр саптарым,*
*Азырынча чыга элек басмадан.*

*Жүрөктөрдөн муңдар чыгып тарасын,*
*Билгим келет адресин сурадым.*
*Менде толгон сүйүү жана өкүнүч,*
*Тирейт бойду батпай күчү ташыган.*
*Көмөктөшсөң балким менин талантым,*
*Селдей каптап агылбасын кокустан.*

*Катыңкыдай түшкөн сүрөт иреңи,*
*Аягандай сезим козгоп жиберди.*
*Ырын дагы кошулгандай жуурулуп,*
*Жүрөгүмдү ыйык сезим бийледи.*
*Үмүт үзбө келечектен түңүлбө,*
*Бактыңа да жанат жылдыз бир күнү.*

*Сүрөтүңдөн сүйүү алам төгүлөм,*
*Сезимдерге каныккандай кошулөм.*
*Көз отуңду албасам да алгандай,*
*Жүрөк эңсейт мынча неге берилем.*
*Тагдырыма тагдырың да окшошуп,*
*Түгөйүмдөй көрүп сени бөгүлөм.*

*Жаркын маанай күлгөнүңдү көргөндө,*
*Сыр түйүнүн билет элем көзүңдөн.*

*Жупталыша төрт кайыңы турса да,*
*Карлыгач бар ортосунда бөлүнгөн.*
*Жаз сулуулай жоогазындар ачса да,*
*Мөңгү баскан ала-тоо бар көрүнгөн.*
*Тагдырыңдын түйүндөрүн жандырып,*
*Берериңе акын кызым ишенем.*

## Аял заты

*Аял заты жүрөгүмдө кымбатым,*
*Жаштыгыма моокум канбас гүл ачкан.*
*Өмүрүмдү бул бактыдан айырба,*
*Сүйүүгө мен болгонум жок нааразы.*
*Махабат кумарында денем балкып,*
*Тунарган каректерден сүйүүм канды.*

*Ак сүйүүнүн тунугун жазгым келет,*
*Назигине козголгон жүрөк тербеп.*
*Эки жүрөк тамыры бирдей какса,*
*Жашообузга жарашаар гүлдөр эгип.*
*Махабаттын бийигине канат серпип,*
*Каныгышкан жүрөктө сүйүү искеп.*
*Баскан жолу алардын өрнөк болуп,*
*Шаңга бөлөп турмушту бакыт түнөйт.*

*Сүйүү бакыт биригип эмгек менен,*
*Жашоо өтөөр армансыз чеги кенен.*
*Ак дилиңе сүйүүлөр агып кирсе,*
*Мезгил менен жарашып үзүлбөгөн,*
*Анда эмнеге адамдар түшүнбөстөн,*
*Жуп түгөйдү бөлөбүз данек берген.*
*Көз жаш төгүп арманды ичке катып,*
*Жаш жүрөктү кыйнайбыз жапа чеккен.*

## Тору кызга

*Сахнада обон созгон Тору кыз,*
*Кубулжуган үнүңдү угуп берилдим.*
*Сакал коюп чачты буурул басканда,*
*Неге мынча жүрөгүмдү ээлединң.*
*Ой чабытым ааламды бүт кыдырып,*
*Жаштыгымдын өткөнүнө кейидим.*

*Атаганат сүйүү кымбат түшүнгүн,*
*Гүлүн бурап жыпар жытың искедим.*
*Мен өзүңдөн улуу адам болсом да,*
*Кыялымда көңүл кушум эргиди.*
*Түбөлүккө карыбастан адамдар,*
*Жаш боюнча калса эмне арман күн.*

*Оо.. мезгилим байыралбай айланып,*
*Күн-түн улам тынымы жок алмашып.*
*Убакыт да токтолбостон өткөндө,*
*Адам уулу калат тура улгайып.*
*Турмуш менен алек болуп жүргөндө,*
*Жаштыгын да кетет экен кашайтып.*

*Атаганат, атаганат мезгилдер,*
*Неге мынча убакыттан озосуң.*
*Кэчөө эле кылоо мурут чыга элек,*
*Жаш барчынды бүгүн эмне кылгансың.*
*Оор үшкүрүп амал жоктон аргасыз,*
*Тору кызым турмушка мен багындым.*

*Мажбурланып жамалыңа байланам,*
*Сен бирөөнүн сүйгөн жары карагым.*
*Куштарланып көзү түшкөн адамга,*
*Капа болбо күлүп койгун жылмайгын.*
*Эртең эле биздин оорун алмашып,*
*Буурул чачтуу байбиче сен болоорсуң.*

# Көздөн учкан заакымдай

*Көздөн учкан заакымдай кубулбачы,*
*Өзөгүмдү бүлдүрүп кыйнабачы.*
*Бала барчын мен эмес качырганың,*
*Сен жазгырып мант берип мерт кылбачы.*
*Жүрөгүмдү тиреген назик сүйүүм,*
*Бөөдө ташка согулуп чачылбасын.*

*Назданышың жүрөктү арбап барат,*
*Добушуңдан кубулжуп сүйүү жанат.*
*Мен өрттөнүп кетпейин жамалыңа,*
*Бир кандырчы махабат булагына.*
*Өрөпкүгөн сүйүүмдүн өрту өчсүн,*
*Кара жаным түшүнчү абалыма.*

*Жаштыгыма ачылган гүл экенсиң,*
*Бир көргөндө жүрөктү элжиреткен.*
*Өмүр бою издегем таба албагам,*
*Көңүл кушум жолуктуң эми кечсин.*
*Оор үшкүрүп турамын абалыма,*
*Балапандай жаштыгым кайда кеттиң.*

*Өрттөнсөм да мейличи суктанамын,*
*Өксүк ишке жеталбай кыйналамын.*
*Өмүр белин ашканда туш кылганга,*
*Тагдырыма таарынам мен капамын.*
*Нуруң өчпөй дайыма шоола чачып,*
*Жигиттердин жүрөгүн өрттөй бергин.*

*Жыпарланган баланын илебиндей,*
*Көз карашың жүрөктү бийлей-бийлей.*
*Ордумда мен өзүмдү жоготупмун,*
*Обонуңа берилип эригендей.*
*Жаштык чиркин ккайрылбай кайда кеттиң,*
*Заакым болуп элестеп көзгө илээшпей.*

*Жалбырттап өрт каптады жамалыңдаң,*
*Шойкумдуу кылт-кылт баскан амалыңдан.*
*Оо.. сулуу кыз өзүңө кол созомун,*
*Үмүт үзбөй сүйүүнүн кучагынан.*
*Бугум чыксын катылган жүрөктөгү,*
*Жообун күтөм өзүңдөн жаным эркем.*

*Табышмактуу туманга батып кетип,*
*Турмуш менен күрөшүп жаштык өтүп.*
*Калганына өкүнүп турганымда,*
*Кайдан мага туш болдуң сен жарк этип.*
*Тынчым кетип бузулду түн уйкулар,*
*Эстегенде Тору кыз түшкө кирип.*

*Адамдарга чачырап жарык нуруң,*
*Ак жүзүңдөн төгүлүп шоолалансын.*
*Сен жараткан жылуулук сезиминде,*
*Жашаргандай серпилсин көңүл кушум.*
*Оо.. мезгилим азыраак байырлачы,*
*Буурулданып кара чач, бырыш чийбей.*

*Өтө сүйкүм жагымдуу көз карашың,*
*Бала кыял мүнөздөн төгүлгөндөй.*
*Тамшанышып таңдайын так эткизе,*
*Күйөрмандар сүрөштү чуу түшүрө.*
*Көздөр тийип көзүгүп калбасын деп,*
*Күңгүрөндүм ичимден тилек тилей.*

*Чырай берген жүздөрүң нурун чачып,*
*Кубулжуган үнүңө көңүл балкып,*
*Адамдарга эң сонун эргүү бердиң,*
*Кошулгандай обонго сүйүү жанып.*
*Тал чыбыктай ийилип жүгүнгөндө,*
*Кол чабуулар жаңырды обо жарып.*

*Кирсиз таза мүнөзүң назик сезим,*
*Назигиңе жүрөгүм толкуй берди.*

*Сенсиз жашоо менде эми болбочудай,*
*Жаштыгыңа арбалып мен байландым.*
*Эмне күтот алдыда келечекте,*
*Бороонунан чочубайм мен ызалуу.*

*Сүйүү отунун жалыны мени каптап,*
*Уктабастан атырам таңды аппак.*
*Эрк байланды өзүңө айласын тап,*
*Көрбөй калсам көзүңдү жүрөк самайт.*
*Оо.. Тору кыз жүрөктү мыкчыбачы,*
*Ансыз деле жаралуу муңга чөгөт.*

*Көк шоолалуу асмандын түбү чексиз,*
*Түнкү шамдай балбылдап жанат жылдыз.*
*Адамдагы турмуштан тыным албай,*
*Бирде жанат кайра өчөт, өлүм улук.*
*Жетишпеген тартыштык кыстап-кыстап,*
*Өксүттү го зарлантып чоктуу турмуш.*

*Арча жашын адамга бербесе да,*
*Өмүр шамы беш жүз жыл болсо эмне.*
*Оо.. теңирим муну да буюрубасаң,*
*Жүздү деле аябай берсең кана.*
*Арманы жок адамдар ойноп-күлүп,*
*Бул дүйнөгө эркинче канаар беле.*

*Жаштык өтөт, өң өчөт өмүр өтөт,*
*Ширесинде жаштыктын сүйүү сиңет.*
*Пенделиктен адамдар чыгалышпай,*
*Бул турмушта сен-мен деп сөз келтирет.*
*Кайрыламын баарыңа замандаштар,*
*Жүрөлүчү сыйлашып сиз-биз дешип.*

*Киндик кан тамган жердин топурагы алтын, булагы тунук, абасы салкын. Атадан калган журтуң, оз конуш, отөк өрүшүң, Ала-тоо кең мекениң.*

# Мекен – ыйык, мен үчүн

## Ала-Тоо

*Ала-Тоо чокуларын мөңгү басып,*
*Келесиң муундардан мурас калып.*
*Жер бети нечен жолу өзгөрсө да,*
*Турасың кылымдардан кабар салып.*
*Түбөлүк өчпөс болуп жаралгандай,*
*Кыргыздын энчисине тартууланып.*

*Тоолорум булут каптап күн нур чачып,*
*Аскалар сүрдүү карап кобурашып.*
*Тарыхтын кандуу жолу каптаса да,*
*Бейкуттук өкүм сүрөт тунжуратып.*
*Эч качан алаамат күн болбогондой,*
*Давандан өткөн кезде ойго салып.*

*Кыргыздар кыштап-жаздап келген тоолор,*
*Жолу жок туюк белес, бийик зоолор.*
*Сүйлөшүп сыр чечишип бир жүргөндөй,*
*Атадан калган конуш журтуң болот.*
*Жашырбай койнун ачып берекелүү,*
*Элине ырыскысын чачып турат.*

*Тектешип Алай, Алтай, Теңир тоого,*
*Комузум бейкут күндүн күүсүн чертет.*
*Бактыма таалайыма жаралган тоо,*
*Жашоонун түбөлүктүү кенчин берет.*
*Жаңырган жаңы заман тоо аралап,*
*Кыргызга эркиндикти алып келет.*

## Кыргыздар

*Кыргыздар көз артпаган бөтөн элге,*
*Аралап жашап келген тоолуу жерде.*
*Мейманы жайлоо үстүндө келип калса,*
*Аяктап кымыз сунган суусунуна,*
*Куймагың сары майга чоё салып,*
*Дасдоркон төргө жайган шашылыша.*
*Каймак-май, курут коюп, куймак менен,*
*Сүттөгөн чайын берген черин жаза.*

*Жоо басып бүлүк салган кагылышта,*
*Намысын алдырбаган душманына.*
*Далай эр кан майданда шейит болуп,*
*Өз башын курман чалган Ата журтка.*
*Түбөлүк көзүн жуумп жер кучактап,*
*Урпагын сактап калган Ата-Баба.*
*Арбагын ыйык көрүп куран окуп,*
*Сыйынам, тобо этем миң мартебе .*

*Кыны жок кылыч чалып кэмэрине,*
*Кыргыздар Ала-Тоосун ээликтеген.*
*Көчмөндүү татаал жолду тандап алып,*
*Байыртан жашап өткөн түпкү элден.*
*Төрт түлүк мал семиртип жашыл төрдө,*
*Жайдыр-кыш ак боз үйдө жашап келген.*
*Бул күндө эгемендүү өлкө болду,*
*ООНдо кызыл туусу желбиреген.*

## Жол энеси из болот

*Ата-Баба кадырлап багып келген,*
*Жол энеси из болот бизге жеткен.*
*Кылымдарды карытып кербен чубап,*
*Далай азап-тозокту кечиришкен.*

*Өмүр жолун тозорлоп кароол карап,*
*Ата издерин урпактар аздектеген.*

*Жолдор-жолдор тоолорду кыялаган,*
*Жолугушуп адамдар каттап турган.*
*Кан базарга чубаган элдер өтсө,*
*Мейман, досчул кыргызым тосуп алган.*
*Ким улантса өчүрбөй Баба издерин,*
*Ал өлкөдө байлыктын гүлү эгилген.*

*Мурас калган биздерге Ата издерин,*
*Түбөлөккө өчүрбөй улантaлы.*
*Машинага түшкөндө унуткарбай,*
*Атка минип бастырып из чалалы.*
*Ак мөңгүлүү давандын белин ашып,*
*Кыргыз көчүн жетектеп биз баштайлы.*

*Издер чубап уланып токтолбосун,*
*Кыртыш басып тоомдуу нук өчпөсүн.*
*Жолдор өчсө ал жерде кыймыл токтоп,*
*Тиричилик турмуштун күнү бүтөт.*
*Ата конуш журттары ээн калып,*
*Кыргыз деген элимдин аты өчөт.*

## Чуркап өткөм издерин аталардын

*Түн бешиги тербелтип айлананы,*
*Көктөн нурун ай төгөт мемиретип.*
*Жашыл шибер конуштун көркүн ачып,*
*Каптал белде азынап айгыр дүргүйт.*
*Салкын желдин илеби маңдайымдан,*
*Назик сылап жүзүмдү эркелетет.*

*Тоолор сенде таза аба, мөлтүр булак,*
*Башат алып агылып-согуп турат.*
*Жыпар жыттуу абаңан дем алганда,*

*Тазарткандай каныңды бойго сиңип.*
*Бала чагым элестеп ойду бөлөп,*
*Кучагына сиңирет мени ээрчитип.*
*Ак чокулуу көк шибер белестериң,*
*Күр-шар аккан көк кашка өзөндөрүң,*
*Менин жашоом, жаштыгым, балалыгым,*
*Чуркап өткөм издерин аталардын.*
*Көктөмдөрдү аралап кош дей албай,*
*Муунум бошоп турамын жүрөк өйүп.*

## Тогуз-Тором

*Катмар тоо курчап алып туш тараптан,*
*Өрөөнүң, белестериң тубарланган.*
*Көркөмү коогдугу тамшандырып,*
*Жүрөктө назик сезим козгоп турган.*
*Белестен соккон жели гүл жыттанып,*
*Адамга сагынычтын бугун салган.*

*Өзүңдөн канааттана кубат табам,*
*Алыста жүргөн кезде кусаланам.*
*Аталар конуш алган Тогуз-Тором,*
*Чөйчөктөй кереметтүү жумурланган.*
*Кыйналып тоо-ташыңды бассам дагы,*
*Өмүрүм бир өзүңө бүт арналган.*

*Сага арнап ырларымды мен жазаармын,*
*Кыргызга атагыңды чыгарармын.*
*Өзүңдү алтынга да алмашалбайм,*
*Денемде каным сенден жаралгансың.*
*Коштошуп кеткен күнү бул дүйнөдөн,*
*Түбөлүк кучагыңа мен уктаармын.*

## Жыңалач-Бугу

*Чокусу ак булутту тирегендей,*
*Арышы көк асманды жирегендей.*

*Тулкусун курчаган тоо жөлөп таяп,*
*Тургансыйт бугу эне көзгө элестей.*
*Бирөөлөр анын атын сурап калса,*
*Жыңалач-Бугу дейбиз сөз ээрчитпей.*

*Жеримдин бактысына жаралгандай,*
*Алыстан караан болот сакчысындай.*
*Кылымдын барактарын чогуу ачкансып,*
*Жыңалач-Бугу бизге Кантеңирдей.*
*Манастын сөөгүн мында жашырган деп,*
*Уламыш айтымдардан калган сөз бар.*

## Чатыр-Таш

*Бөксө тоо бөгөлүшүп, оролуша,*
*Жөө туман жүздү нымдап аймап өткөн.*
*Алыстан көзгө урунуп керемети,*
*Чатыр-Таш чөккөн лөктү элестеткен.*

*Мөңгүдөн булак агып, шылдыр эткен,*
*Керимсел жел аргысы сылап беттен.*
*Табигат жараткан бул кубулушка,*
*Аргасыз көңүл бөлөт өткөн-кеткен.*

*Жомоктоп айтсам дагы Чатыр-Ташты,*
*Менчелик сага кимдин сугу түшкөн.*
*Балалык, Ата-Бабам өткөн жери,*
*Туябы башка бирөө эч көрбөгөн.*

## Каначу

*Каначу укмуштары көп тараган,*
*Опколжуп жүрөгүңдүн сезин алган.*
*Токою чычкан жортуп өтө алгыс,*
*Сай терек, кайың-талы чырмалышкан.*
*Тосулуп туш-тарабы аска-зоого,*
*Агын суу долуланып оодарылган.*

*Түнкүсүн суусар, кундуз, калтар жойлоп,*
*Күндүзү чиеленген издер калган.*

*Боз түлөк барчын шаңшып мунарыктан,*
*Ышкырып улар учат көк жайыктан.*
*Тоо теке аскасынан күзөт салып,*
*Илбирси өңүт аңдыйт арчасынан.*
*Аюусу таш оодара тура калса,*
*Камышта каман өргүп тиш кайраган.*
*Ар түркүн куштар сайрап жыйын куруп,*
*Аймакты шоокум бөлөп, күүлөр жанган.*

*Бабалар мекендеген конуш чалып,*
*Каначу жомок эмес чындык экен.*
*Адамдын үшүн алып жүрөксүткөн,*
*Сыйкырдуу жаратылыш күчү белем.*
*Таңданып касиеттүү келбетине,*
*Суктанам, сыймыктанам тобо кылам.*
*Бизлерден урпактарга белек болуп,*
*Түбөлүк ушул коооздук сакталса экен.*

## Ор-Казган

*Ор-Казган туш тарабын гүлдөр баскан,*
*Аралап бассам сүйүүм таркабаган.*
*Жыты аңкып керимселдүү желе жүрсө,*
*Жайлоонун көктөмдөрү койнун ачкан.*
*Тай минген топ балдары жарышканда,*
*Саймадай гүлгө жандуу түрүн салган.*

*Капталдан шылдыр күмүш булак аккан,*
*Абасын дем алганда канат алган.*
*Көбүргөн-сарымсагы өндүр толуп,*
*Балтыркан, ышкындары гүлүн ачкан.*
*Ырыскы , байлыкка мол Ор-Казганым,*
*Бактыңа элим үчүн бир жаралган.*

*Төрт түлүк мал күтүрөп жашыл төрдө,*
*Өрөөнгө ак боз үйлөр куп жарашкан.*
*Чатырап жээлиндери саан болуп,*
*Үйүрдө бээлер турат ылаалаган.*
*Көбүрүп сабаадагы саамал ташып,*
*Алыстан кымыз жыты каңшаар жарган.*

*Эмнеге, мынча сага суктанамын,*
*Жүрөккө жаштык сезим сенден алдым.*
*Дайыма гүлдөрүңдөн жыттап-жыттап,*
*Эңсеген кумарымды кандырамын.*
*Толкуган тулаңына оонап алып,*
*Өмүргө кубат болчу күч табамын.*

## Туура-Кайың

*Илгертен Туура-Кайың аталасың,*
*Өрөөндүн ичи толо кайың-талың.*
*Болжогус жоондугу кучак жетпей,*
*Тоо жели жүрүп өтсө шуудурайсың.*
*Көк кашка мөңгү суусу жара бөлүп,*
*Ташкындап кирген кезде күрпүлдөйсүң.*

*Табигат тартуулаган бул коооздук,*
*Калыптыр аталардан бизге мурас.*
*Барктабай орду толгус сулуулукту,*
*Отунга жагыш үчүн кыйыптырбыз.*
*Көзүнөн жаш тамчылап кайыңдардын,*
*Баа жеткис байлыктан биз ажырапбыз.*

*Кыйса да, калган кайың суктандырып,*
*Көргөндүн эркин бийлейт ойго салып,*
*Кылымдар көз алдыңдан чуурул өтсо,*
*Кыргыздар өз конушун таппкан келип.*
*Кайыңдын дилдиреген жалбырагы,*
*Катылган ички сырдын күүсүн чалат.*

*Башталып Музтөр-Кызтөр жайлоосунан,*
*Кайыңдар эрке желге ыргалышат.*
*Аралап суу жээгинде басып жүрсөң,*
*Кан сарай, гүлзарларың жолдо калат.*
*Жүрөккө жаштыгыңдын гүлүн ачып,*
*Байыркы кыргыздардын күүсү кагат.*

*Өрөөндүн каптал бети гүлгө оронуп,*
*Тоо чөбү бел кырчоого жетип турат.*
*Арасын уялашып бытбылдыктар,*
*Басканда бутка урунуп чалындырат.*
*Тескейде карагаттын шагы ийилип,*
*Караган, аса-муса дүргүп чыгат.*

*Булактуу шалбасында бүлдүркөнү,*
*Чалканга аралашып колду чагат.*
*Кароолдон дүрбү салып мергенчилер,*
*Аюунун чээйиндерин билип алат.*
*Жапайы камандары тишин кайрап,*
*Катылсаң соо калбайсың чалып салат.*

*Кекилик, кыргоол көрсөң алаксытып,*
*Тоо-ташка бадалдарга жашынышат.*
*Бутакта конгон куштар сайраганда,*
*Айлана күүгө келип кулак канат.*
*Мемиреп жонун тосуп балырында,*
*Тоо фарель күнгө жылып калкылдашат.*

*Бүркүттөр ээлеп алып көк асманды,*
*Бийиктен шаңшып добуш үнүн салат.*
*Тоо теке зоокасында көз ирмебей,*
*Өткөнгө байкоо салып карап турат.*
*Кайыңдын бутагынан ач илбээсин,*
*Жемине секирүүгө оңут аңдыйт.*

*Теңирим тартуулаган бул байлыкты,*
*Суук кол, өрттөн калкым биз сактайлы.*

*Суктанат көз артышат башка элдер,*
*Баалабай сулуулукка кол салбайлы.*
*Кийинки муундарга белек болсун,*
*Көркүнөн ажыратпай калтыралы.*

## Саймал-Таш

*Саймал-Таштын тоосунда,*
*Чегилген сайма ташында,*
*Билимдүүлөр кызыккан,*
*Купуя сыр бар азыр да.*
*Давандын ашуу белинде,*
*Мөңгүдөн агып толкуган,*
*Көлү бар чакан кичине.*
*Үнүн баспай ак тайлак,*
*Боздоп чыгат түнүндө.*
*Мазар кылып сыйынып,*
*Эл үзүлбөйт күнүгө.*
*Аксарбашыл аташып,*
*Түлөө өткөрөт бул жерге.*
*Май түтөтүп, шам жагып,*
*Оюк ташка жүгүнөт.*
*Тилек менен баргандар,*
*Түнкүсүн жатып күзөтөт.*
*Аян берген адамга,*
*Ак тайлак кирет түшүнө.*
*Аскалар сүйлөп кобурап,*
*Уйкуңду бузат түнүндө.*
*Теңирим берип тилегин,*
*Кубанып кайтат үйүнө.*

*Баамдасаң чекмени,*
*Ташка тарткан сүрөттө,*
*Саадагын жоокер тарткандай.*
*Катарында чубашып,*
*Эчки-теке качкандай.*

*Жаңыдан чыккан улуу күн,*
*Ааламга нурун чачкандай.*
*От араба айдаган,*
*Жоокер согуш ачкандай.*
*Жерге орногон соку таш,*
*Чечилбеген түйүндүн,*
*Сырын ичке каткандай.*
*Айтайын десе тили жок,*
*Өкүнүч аны баскандай.*
*Чыдамы кетип акыры,*
*Ордунан тура калчудай.*

*Тектирдеги сайма таш,*
*Чечмелеп аны тургандай.*
*Көргөндүн башын айлантып,*
*Аралаш оюк салгандай.*
*Улуу жибек жолунун,*
*Түйүнүн мында каткандай.*
*Чыгыш менен батыштын,*
*Тарыхын мында жазгандай.*
*Кытай, Жапан, Мисирге,*
*Барчу жолду багыттап,*
*Жер ортосун танаптап,*
*Жашырын сырды каткандай.*

*Ааламдагы жылдыздар,*
*Табышмактын түйүнүн,*
*Жандырып билип, туюнуп,*
*Алыстан байкоо салгандай.*
*Кыргыздын эли байыртан,*
*Ээлик болгон жери деп,*
*Далилдеп\бизге тургандай.*
*Билимдүүлөр тартынбай,*
*Ортого ойду салалы,*
*Тереңдеп окуп үйрөнүп,*
*Кылымдар жаткан белгисиз,*
*Сайманын сырын ачалы.*

## Беш Көл

*Беш Көлүм жергебиздин кооз жери,*
*Көргөндү тамшандырып көркөмдүгү.*
*Сыйкырдан тоо башында жаралгандай,*
*Жупташып арча, кайың, тал-терети.*
*Канаты талыганда эс алуучу,*
*Каркыра, каз-өрдөккө куш түнөгү.*
*Ак мөңгү тоодон төмөн шамал жүрсө,*
*Сүрүлүп толкундары түрмөктөшкөн.*
*Серпилип аска уруп согулганда,*
*Үндөшүп жаңырыгы коштоп кеткен.*
*Төрт түлүк мал, кайберен аралаша,*
*Көлдүн жээгин байырлап мекендешкен.*

## Жалгыз терек

*Куураган бутактары күнгө күйүп,*
*Жалбырак анда-санда бир көрүнүп.*
*Суусуз сай күн аптабы жан кейитип,*
*Жээгинде жалгыз терек жетимсирейт.*
*Тулкунда жашоо жаңы башталгандай,*
*Жапайы аары ээлеген кирип-чыгып.*

*Алаксып көпкө карап турган мени,*
*Маңдайдан качырды аары күчүн үрөп.*
*Шашкандан аттан түшө калыптырмын,*
*Аарыга жеткирбестен чуркай безип.*
*Байкасам мөңгү баскан карт Ала-Тоо,*
*Жылмайып мага шылдың карагансыйт.*

## Нарын дайрам

*Көрсөм дайым жээгиң толо адамга,*
*Агыласың токто бербей секундга.*
*Кара чачым агарса да жапжашсың,*
*Жашоо турмуш улай бергин жаңырта.*

*Кечүү таппай төбө чачы тик туруп,*
*Жолоочулар жатчу эле зарыга.*

*Бүгүн көрсөм анын изи калбаган,*
*Чоң көпүрө уникалдуу салынган.*
*Капары жок өйүз-бүйүз эл каттап,*
*Машиналар жандап өтөт жаныңдан.*
*Өзөнүңө жарашкандай көрк берип,*
*Казарманга кабат үйлөр салынган.*

*Май айында күкүктөнгөн үн менен,*
*Нарын дайрам күчүн үрөп күүлөнөт.*
*Буулуккандан оолугушу башкача,*
*Кайда шашат күр-шар эте жинденип.*
*Эл кызматын аткарууга шашпасын,*
*Жандырууга турмуш шамын күйгүзүп.*

## Демөөр күчүм эгедер

*Жайлоого барсам кулпуруп,*
*Көркүнө келген жыт уруп.*
*Гүлдөрүн көрүп ачылган,*
*Сагыныч тарап эңсөөм сууйт.*
*Чалкамдан жатып тулаңга,*
*Мен канам эңсөө кумарга.*
*Эч нерсе жетпейт турбайбы,*
*Жайлоонун толгон чагына.*

*Балалык өткөн жергемдин,*
*Кулпурган жашыл төрлөрүн.*
*Көргөндө жогум тапкандай,*
*Өткөндүн изин эскердим.*
*Кулун-тай минип жарышкан,*
*Ышкынга бирге барышкан,*
*Курбалдаш достор кайдасың,*
*Силерди ойлоп сагындым.*

*Ачылып кабак жайдары,*
*Гүлдөрүн жыттап майдагы,*
*Жашаргансып мен калдым,*
*Эскерип бала чагымды.*
*Кош болгун жайлоо өрүштөр,*
*Мен үчүн кымбат Мекен жер.*
*Өзүңдөн кубат аламын,*
*Демөөр күчүм эгедер.*

## Түрмөктүү толкундарды элестетет

*Күн чыга жумушка деп добуш чыкса,*
*Тоо койнун кыймыл басып шаңга бөлөйт.*
*Кыялап чалгычылар каптал беттеп,*
*Тизилген каркыраны элестетет.*
*Жигиттер катарлашып чалгы тартса,*
*Шарт деген үнду улай сол эшилет.*

*Чабылган солдон чөпту чөмөлөшүп,*
*Кыз-келин тоо башынан төмөн сүрөт.*
*Сүйрөтүп сүйрөткүнү атчан балдар,*
*Чөптөрдү жыйымчыга жеткиришет.*
*Кызыган чөп чабуунун учурунда,*
*Кайнаган эмгек көрктү ачып берет.*

*Жыл сайын чөп чабууга элдер келип,*
*Капталдан сол тартышат колтук керип.*
*Буралып оролушуп жаткан солдор,*
*Түрмөктүү толкундарды элестетет.*
*Албырган денелерин сууга жуунуп,*
*Суу чачып жаштар ойнойт элпек-сергек.*

*Кечкисин музыканы коюп алып,*
*Кайыңга селкинчекти куруп салып.*
*Экиден жуп болушуп жаштар анан,*
*Арканда күүлөнүшөт бойду керип.*
*Жумуштан чарчаганы эстен чыгып,*
*Армансыз ойноп-күлүп кумар жазат.*

## Мугалимдер ыйык адам окуучум

*Балдарга тамга үйрөтүп көзүн ачкан,*
*Билимдин булагына жол баштаган.*
*Мектепте сабак өткөн саат сайын,*
*Түшүнсөң ал эжейиң-агайларың.*
*Өмүрүн балдар үчүн бүт арнаган,*
*Эмгектин алп балбаны салыштырсаң.*

*Мугалим балдар менен бирге болуп,*
*Турмушта ой максатка орток болгон.*
*Дайыма насаат сөзүн өзүнчө айтып,*
*Окуткан окуучусун теңтуш көргөн.*
*Сакталып бул турмушта жапжаш бойдон,*
*Жүрөгү мугалимдин кала берген.*

*Зор эмгек жаштар үчүн жумшап келген,*
*Билимин окучууга арнап берген.*
*Урматту агайларым-эжейлерим,*
*Сиздерге сыймыктанып таазим этем.*
*Жолуксам кайсыл жерден мен сиздерге,*
*Саламды биринчи айтып колду берем.*

*Аалам сырын ачкан дагы даанышман,*
*Билим алып ак мектептен окуган.*
*Акыл кенчин бул дүйнөгө калтырып,*
*Насаатчысын көзү өткөнчө сыйлаган.*
*Мугалимдер ыйык адам окуучум,*
*Билимиңдин пири болот түшүнсөң.*

## Мектебим Казарманды унутпаймын

*Он жылы окуп жүрүп билим алган,*
*Мектебим Казарманды унутпаймын.*
*Турмушка кадам коюп учкан уям,*
*Жүрөктүн тереңинде сактайм дайым.*

*Коңгуроо кагылганда угуп калсам,*
*Токтолуп өзүмчө эле тамылжыймын.*

*Мектебим барсам сенден кубат алам,*
*Киргенде чоң залына ойго батам.*
*Өткөндө мен окуган класстардын,*
*Эшигин ачып-жаап демди басам.*
*Алдыңкы катардагы парталардан,*
*Олтурган ордума мен көздү салам.*

*Карасам ал партада бөлөк бала,*
*Капарсыз китеп ачат кайта-кайта.*
*Көрүнүш ойду бөлүп шашып кетип,*
*Агайга салам айттым сылык гана.*
*Суроолу жалпы мага караганда,*
*Аптыга түшкөнсүдүм өзүм азга.*

*Жөнүмдү түшүндүрүп агайыма,*
*Көңүлүм сергий түштү канаат ала.*
*Сабактын өтүлүшү өзгөрүптүр,*
*Балдарга түзүлгөн шарт азыр башка.*
*Замандын бешигинде бөпөлөнгөн,*
*Окуучум мектебиңди уяткарба.*

## Клубум

*Райондун көркүн ачкан клубум,*
*Оюн-шоок жыйын өтүп турчу эле.*
*Балалык күндөрүмдү эске салган,*
*Айлымда маданият борбору эле.*
*Кароосуз от жагылбай ээн калып,*
*Бузулуп чалдыбары чыгып калды.*

*Ал клуб иштеп турган убагында,*
*Үзүлбөй жаштар толуп турар эле.*
*Биллярд, шахмат ойноп эс алышып,*
*Адамдар кезек күтүп турушчу эле.*

*Бузбастан карыялар үйү десек,*
*Өткөндөн белек болуп калбайт беле.*

*Клубду даяр турган пайдаланбай,*
*Талкалап жыгачтарын бөлүп алды.*
*Көчөнүн кесилишин көрктөп турган,*
*Курулуш урандыга бүт айланды.*
*Жаштыгым, балалыгым өткөн клуб,*
*Жүрөктү ачыштырып маанай чөктү.*

## Чет-Булагым

*Айлымды көргөн сайын кубанамын,*
*Киндик кан тамган жерим Чет-Булагым.*
*Баарынан артык көргөн жашоомдогу,*
*Бешигим сенсиң жүрөк тамызаарым.*

*Торолтуп медер болгон таянычым,*
*Балалык өткөн жери жаштыгымдын.*
*Эгиздей чоң терегин көргөнүмдө,*
*Күч толкуп мен жашарып кубанамын.*

*Айлыма жайдыр-кыштыр барып турам,*
*Өзгөргөн кыштагыма мен кубанам.*
*Күн чыгыш бөксөсүнө жол салынып,*
*Үч смен БелАЗ, КрАЗ кенин тарткан.*

*Бараткан жолум дагы асфальтталып,*
*Курулган комбинатда көркүн ачат.*
*Таштарды жанчып жаткан тегирменден,*
*Байлыктын сары алтыны чууруп агат.*

*Бир тууганды топурагы алтын, жыты куса, өрүдө өбөгүң, эңкейиште жөлөгүң, көзүң өтсө дүйнөдөн, артыңда калаар тирегиң.*

# Боордоштук – бийик, ыйык

## Атам Турганбайга

*Кээде келип чачын алсам атамдын,*
*Көпкө чейин ойлор басып караймын.*
*Мурдагыдай коюу кара чачы жок,*
*Суюлуптур агыш басып арасын.*
*Өзү дагы кичиргенсип көзүмө,*
*Бараткансыйт жакындашып сапарың.*

*Түшүнсө да улгайганын билгизбей,*
*Кайгырбастан ишке өрнөк көрсөтөт.*
*Айткан сөзүн жаштар угуп ынанып,*
*Суроо берип көкүрөккө түйүшөт.*
*Ал ардагер партиянын эмгектин,*
*Бүт өмүрүн эли үчүн арнаган.*

*Бактыма атам дагы жашап турса экен,*
*Насаат сөзүн жаштар дагы укса экен.*
*Чөбөрөсүн маңдайынан жыттаса,*
*Кубанычтан төгүлгөнсүйт таалайым.*
*Чоң атасын өзүнчө бир тоо көрүп,*
*Урмат-сыйда ардакташат балдарым.*

*Мүнөзү да адамдардан башкача,*
*Көр оокатка жанталашпайт алдана,*
*Бар болгону бизге айткан акылы,*
*"Адал иште, элиңди сүй балача".*
*Деген сөзүң жүрөгүмө сактаймын*
*Тынчтык болсун асманымда таптаза.*

## Сагынтып апа жытың кусалантат

*Айтылган сөзүң калды жүрөгүмдө,*
*Ажаарың өчпөй жанат дагы эле.*
*Ден дароо түш көргөндөй болуп кетем,*
*Коштошуп апа эчак кеттиң беле.*
*Азыр да өлгөн десе ишеналбайм,*
*Өзүңдү кантип кыям жамандыкка.*

*Үй ичи ошол бойдон иреттелген,*
*Тазалап буюмдарың Айгүл күтөт.*
*Майрамбек, Адилбегим медер болуп,*
*Атама кубат берип багып жатат.*
*Бирок да өзүң бардай кайдан болсун,*
*Үй кутун атам эңсей күтөт-күтөт.*

*Ак боз үй тигилбестен бурчта турат,*
*Ой басып атам дагы капаланат.*
*Тутунган буюмдарың кармап көрүп,*
*Өзүнчө оор үшкүрүп улутунат.*
*Теңирим экөөңөрдү ажыратып,*
*Атамдын жарык күнүн иңирт чалат.*

*Билсем да апа өзүңдү көрбосүмдү,*
*Жүрөгүм эстей-эстей туталанат.*
*Элүүдөн өткөн жашта турсам дагы,*
*Сагынтып апа жытың кусалантат.*
*Секиде сизге салган ак күмбөздү,*
*Көргөндө өзүңдү эстеп жаш кылгырат.*

## Түрсүн эжеме

*Арамза кытмырлыкты эч билбеген,*
*Бактылуу адамдардан балбан эжем.*
*Жамандык бироолөргө санабаган,*

*Ак көңүл, меймандосчул пейли кенен.*
*Балпайып төрдө олтуруп бата берип,*
*Жашай бер уул-кыздын сыйын көрүп.*

*Башыңдан нечен кыстоо күндөр өттү,*
*Ойлонсом каатал белем окунүчтүү.*
*Жездемден жаш кезиңден ажырадың,*
*Жүрөктө сакталуудур согуш тагы.*
*Балалык күндөрүмдөн байкап келем,*
*Эжемдин эрки күчтүү ар-намыстуу.*

*Мезгилдин соккон сайын жебелери,*
*Кайрылып келбейт тура бизге эми.*
*Баарынан кымбат мага сыяктанат,*
*Олбурлуу эжекемдин мүчөлөрү.*
*Түбөлүк жашаса деп ойлоп кетем,*
*Сапарың карыбастан Түрсүн эжем.*

## Таякем Жолдошбайга

*Дүйнөдөн кимдер өтпөгөн,*
*Бирде толуп, бөксөргөн.*
*Атадан туяк уланып,*
*Конушу кайра көгөргөн.*
*Оопасыз ушул жалгандан,*
*Армансыз кимдер төрөлгөн.*
*Адамзат пендеси,*
*Турмуштан азап көп чеккен.*
*Бирде ачка, бирде ток,*
*Бирде бар да, бирде жок,*
*Маңдайга шору чийилген.*
*Өмүр жашты арытып,*
*Токсонго жашың жетээрде,*
*Этегиңди кымтылап,*
*Багып турган кезиңде,*
*Ойдо жок жерден оопасыз,*
*Кара түн түштү башыңа.*

*Ак никелүү байбичең,*
*Оорубастан капырай,*
*Оо.. дүйнө көздөй узады.*
*Таякем шордон арылбай,*
*Күйүткө ичиң камыкты.*
*Көзүңдүн жашы мончоктоп,*
*Көргөндүн мууну бошоду.*
*Жаш балача шолоктоп,*
*Таяке жашың төкпөчү.*
*Кашыңда элиң турганда,*
*Кайратыңа келсеңчи.*
*Арбагын сыйлап маркумдун,*
*Ариетин көрөлү.*
*Малыңдын союп семизин*
*Кара ашын элге берели.*

*Айта турган сөзүм көп,*
*Артыңда ыйлаар бала жок.*
*Тагдырдын башка салганын,*
*Көтөрбөскө арга жок.*
*Байбичең төрөп бербеди,*
*Зарыңа теңир ийбеди.*
*Уулдун жытын искебей,*
*Туяксыз бойдон таякем,*
*Калкымдан көзүң өтөбү.*
*Өөдө болсоң жөлөкмүн,*
*Эңкейсең сага өбөкмүн.*
*Апамдын сыйлап арбагын,*
*Өзүңө таазим этемин.*
*Көзүң өтсө жалгандан,*
*Таякелеп өкүрөм.*
*Кара ашыңа мал союп,*
*Урматтап сөөгүң койдурам.*
*Арбагыңды мен сыйлап,*
*Катма куран түшүртөм.*

## Таяжем Сонунбүбүгө

*Чет-Булактын керилген,*
*Ак жуумал сулуу маралы.*
*Абалыңды мен көрүп,*
*Жүрөгүм ооруп сыздады.*
*Мезгилиң колдон кеткен соң,*
*Кайрылбайт тура карачы.*
*Кулпурган кызыл гүл элең,*
*Жыттаса моокум канбаган.*
*Жигиттерге бой салбай,*
*Жамалың жүрөк өрттөгөн.*
*Артыңдан ээрчип далайлар,*
*Арманы ичте түтөгөн.*
*Текебер жүрүм-турумуң,*
*Жаш уланды сүрдөткөн.*
*Күлүп койсоң артыңдан,*
*Үмүттөнүп ээрчиген.*
*Ак алма сындуу таяжем,*
*Ак элечек оронуп,*
*Көчкөндө көчтү баштаган.*
*Ала көөдөк жигиттер,*
*Тийишсе аттан оодарган.*
*Жетип алгын эми деп,*
*Чуу койгон бойдон жөнөгөн.*
*Колуна алса оймокту,*
*Сайманын гүлү тизилген.*
*Арнап сайган сүлгүсү,*
*Тамшантып сукту түшүргөн.*
*Уз колунан жаралган,*
*Тебетей, ичик бүткөндө,*
*Адамга көрктүү жарашкан.*
*Боз үйгө бычкан үзүктөр,*
*Түндүгүнө төп келген.*
*Жабуулап үйдү бүткөндө,*
*Ак өргөө журтка көрк берген.*
*Көргөндөр болуп ыраазы,*

*Ким бүтүргөн дедирген.*
*Ала кийиз шырдакты,*
*Төрүнө салып койгондо,*
*Ого бетер көрктөнгөн.*
*Жабык башты тартканда,*
*Жумурланып төп келген.*
*Карышкыр, илбирс, түлкүдөн,*
*Ичикти далай жасаган,*
*Кара көрпө ичикти,*
*Санаты жок кармаган.*
*Айлымдан чыккан уз айым,*
*Кимиси сизге тең келген.*
*Согуштун каардуу жылында,*
*Артелде иштеп тер төккөн,*
*Булгаары палто, чолок тон,*
*Бычып далай тиккенден.*
*Фронтко баарын жөнөтүп,*
*Мактоону нечен алгандан.*
*Эмгегиңиз билинбей,*
*Айылдан чыкпай калбасын.*
*Азыр да эже кеч эмес,*
*Жакшысын алып буюмдан,*
*Музейге берип өткөргүн.*
*Байыртан калган кыргыздын,*
*Саймасы менен оймосун,*
*Дүйнөнүн калкы көрүшсүн.*
*Ким бүтүргөн муну деп,*
*Кыргызга атың билинсин.*
*Унутулбай түбөлүк,*
*Музейде бийик илинсин.*

## Саку эжеме

*Ашып түшкөн айкөлдүгү баатырдан,*
*Эр жигиттей кайрат күчү ташыган.*
*Бала күндөн бирге ойноп чоңойгон,*
*Кыз болсоң да медер тутам жашымдан.*

*Жоо каптаса эжем колго найза алмак,*
*Катарлашып душман колун кайтармак.*
*Сайкал кыздай ата журттун коргогон,*
*Чет-булактын баатыр кызы аталмак.*

*Кыз болгонго эже өкүнбө тагдырга,*
*Кыз да керек туз татымдай жалпыга.*
*Эне сүтүн эмчектерден эмишкен,*
*Эжем кымбат мага агам жанымда.*

*Уул үйлөп, кыз узаттың үйүңдөн,*
*Куда сыйлап, даам бердиң төрүңдөн.*
*Айлыбызда ак байбиче аталып,*
*Узагыраак өмүр сүрчү эжекем.*

## Эстей жүрчү Жумгалбегим карааным

*Намыс учуп, тарс жарылып жулунган,*
*Буйдалбастан турган жерде чуу салган.*
*Койсо адамды бир койгондон чыгарбай,*
*Кээде капа, кээде адамды кубанткан.*

*Эр көкүрөк эркин өстүң жашыңдан,*
*Көшөргөндө кайра тартпай жалындан.*
*Баатырларча эрөөлгө да чыкмаксың,*
*Найза берсе кайра артыңа качпастан.*

*Бирок иним заман башка өзгөргөн,*
*Билек эмес, билим деген күч берген.*
*Балдарыңдын келечегин ойлонгун,*
*Муштумуңду тыя билгин ичиңден.*

*Бул айтканым сага сөзүм агалык,*
*Көңүлгө алгын уят болуп калбайлык.*
*Эл кадырлап атабызды турганда,*
*Өрнөк ишин бир тууганым улайлык.*
*Ачуу душман, акыл досуң биле жүр,*

*Сол колуңдун ачуусуна келбей жүр.*
*Кырсык деген каш-кабактын ортосу,*
*Жиниң келсе артың ойлоп тыя бил.*

*Кош эмчегин сен да сордуң апамдын,*
*Ээрчий келдиң бул турмушка бутагым.*
*Ата сөзүн, ага сөзүн унутпай,*
*Эстей жүрчү Жумгалбегим карааным.*

## Карындашым Айнурга

*Бир уядан талпынып,*
*Жетилдик алты бир тууган.*
*Көкүрөк күчүк кызым деп,*
*Алпештеп сүйчүү ата-энем.*
*Туулган күнүң куттуктап,*
*Ыр арнадым Айнуркам.*

*Ак тилек сага каалары́м,*
*Бактылуу болгун ар дайым.*
*Каныбек менен бир жашап,*
*Узак өмүр жашагын.*
*Уул үйлөп, кыз берип,*
*Убайын коргүн балдардын.*

*Жанымда жүрсөң толомун,*
*Сүрөөнгө алчу жөлөгүм.*
*Кош эмчекти сорушкан,*
*Жатындаш боордош түгөйүм,*
*Өмүрүңдү мен тилейм,*
*Ата-энемден белегим.*

## Бала

*Аталап там туң басып бутун шилтеп,*
*Бой таштап балаң басса каз-каз туруп.*

*Жүрөгүң кубангандан жарылчуудай,*
*Аласың бек кучактап жерден үзүп.*
*Жыттасаң моокум канбай ширесине,*
*Маңызы сүт жыттанып бойду тербеп.*

*Баланын жыты кандай моокум канбай,*
*Жыты аңкып чыгып турат мас кылчуудай.*
*Атага бала жыты сиңилгенде,*
*Магдырап тунук сүйүү жаралгандай.*
*Турмушта бала атанын мураскору,*
*Очогун улай турган кылымдарга.*

## Кызым Айгүлгө

*Чоң атаңа медер болуп жашыңдан,*
*Эркин өстүң эрке болуп башыңан,*
*Бак-таалайлуу болушуңду каалаймын,*
*Өзгөрүлмө катаал ушул турмуштан.*

*Эмгек жолун фабрикадан баштадың,*
*Мастер болуп жаш кыздарды башкардың.*
*Пландарды ар бир айда аткарып,*
*Фабриканын сулуу кызы аталдың.*

*Артык көрүп жаштыгыңдан эмгекти,*
*Жигиттерге көз кырыңды салбадың.*
*Үмүт үзүп акырында алар да,*
*Изин суутуп алысташа баштады.*

*Эрегише турмушка сен көгөрбө,*
*Ал мээримсиз таш боор кызым билгенге.*
*Өтүп кетсе гүлгүн жаштык курагың,*
*Ойлон кызым кайра келбейт ордуна.*
*Айгүл кызым ай сыяктуу аппагым,*
*Алпештеген эрке кызым чырагым.*

*Ай сыяктуу шоола чачып жарыгын,*
*Өчпөй дайым жаркып турсун чырайың.*

## Уулум Майрамбекке

*Аткарып жумуш орундап,*
*Атка жеңил, тайга чак.*
*Чоң атасы чоңойткон,*
*Түйшүккө салып калыптап.*
*Эмгекчил уулум Майрамбек,*
*Бизди багат жаркылдап.*
*Амандыгын тилейбиз,*
*Кудайга үч маал жалынып.*
*Бардык иштин чеги бар,*
*Айтылган сөзгө кулак сал.*
*Эне-атаңды урматтап,*
*Карыганда багып ал.*
*Бир тууган да керек го,*
*Унутуп калбай эске сал.*
*Эң башкысы ден-соолук,*
*Жарашат шондо ак жоолук.*
*Ынтымак болсо ортодо,*
*Бакыт куш турат байралып.*
*Ынтымагың жок болсо,*
*Биримдик кетээр сайга агып.*
*Өмүрлөш жарың жубайың,*
*Мээримди уулум сыйлагын.*
*Ошондо балам сен дагы,*
*Балага ата болоорсуң.*
*Колунан алып жетелеп,*
*Урмат-сыйга батасың.*
*Эмгегиң менен тапканды,*
*Оорду менен жумшагын.*
*Жөнү жок эле бапырап,*

*Пулуңду бекер чачпагын.*
*Эртең эле жакырлык,*
*Мусапыр кылат байкагын.*
*Эмгекчил болсоң ар дайым,*
*Калкыңда сөзгө калбайсың.*
*Жүзүң жарык жаркылдап,*
*Башыңды жерге салбайсың.*
*Ата жолун улантсаң,*
*Элиңе кызмат жасаарсың.*

## Гүлзат кызым - неберем

*Торгой болуп сайрап берчи кичине,*
*Ичим ысып сүйүп барам, эзилем.*
*Өз кызымдан артык сени көрөмүн,*
*Айланайын Гүлзат кызым неберем.*

*Сүйлөгөндө тилиң мага ширелүү,*
*Бойду эрите кубат берет эркиме.*
*Сага арнаган ыр саптарым чубуруп,*
*Бирге болсом бактылуумун өзүмчө.*

*Сайрап кызым таалайлуусуң өсө бер,*
*Ата-энеңе көп кубаныч алып кел.*
*Келечекте ишенимди актаган,*
*Элиң үчүн жароокер кыз боло гөр.*

## Чоңойчу эрте батыраак

*Эркелечи-эркелечи Салтанат,*
*Сен кубансаң таятаңдын көөнү шат.*
*Бүркөө кабак жарк дей түшүп ачылып,*
*Мен дилимде тазаргансыйм жазылып.*

*Ойдо жокто ыр саптарым шаштырып,*
*Толкуй түшөм сөз тизмегим чубуруп.*

*Таалайыма бакыт гүлүн ачкандай,*
*Неберем ай чоңойчу эрте батыраак.*

## Урпактарым гүлүн ачсын түрдөнө

*Жаштыгымды түбөлүк деп жүрчү элем,*
*Татаал тура аны эми түшүндүм.*
*Акыл-эсти жыйып артка кылчайсам,*
*Орто жаштын сересинен өтүпмүн.*

*Таңда жанган жаркыраган жылдыздай,*
*Оюн-күлкү сый тамакта дууладык.*
*Бакыт нуру ырыскыма төгүлгөн,*
*Заманамдын жыргалында кулпуруп.*

*Өкүнбөймүн өткөн жаштык кезиме,*
*Ширелишкен оюн-кулкү ыр күүгө.*
*Менде азыр болгон гана бир тилек,*
*Урпактарым гүлүн ачсын түрдөнө.*

## Кайдасыңар курсташтарым, досторум

*Күлгүн чакта бирге окуп, бир баскан,*
*Айлуу түндө сыр чечишип бир жаткан.*
*Жаштык толгон студенттик күндөрдү,*
*Эңсеп жүрөк сагынычым күч алган.*
*Кайдасыңар курсташтарым, досторум,*
*Көрүшпөдүк, жылдар өтөт арадан.*

*Сен кайдасың ыр баштоочу Сагынбек,*
*Комуз күүлөп чертип берчү Бейшенбек.*
*Баритондой көтөрүңкү үн менен,*
*Коштоп кетчү ыр саптарын Жолдошбек,*
*Баардыгыбыз коштогондо обонду,*
*Жымжырттыкты бузчу эле дүңгүрөп.*

*Жаштык деми бойго сиңген курактар,*
*Сүйүү искеп жүргөн ошол убактар.*
*Кайрылбастан кетеби эми коштошуп,*
*Келбес сапар жолун улап алыстап.*
*Чар тарапка учкан куштай тараган,*
*Курсташ достор кабарлашып туралык.*

## Таяжеңем Апиетке

*Таяжеңемди мактасам,*
*Басыгынан баштасам.*
*Жорго сындуу төгүлүп,*
*Чайпалып көңүл жубаткан.*
*Көз кырын салып күлгөндө,*
*Жүрөктү козгоп кыйнаган.*
*Илебине мас болуп,*
*Таякем күндө жашарган.*

*Таяжеңем менин кулпурган,*
*Жайлоонун гүлү ыргалган.*
*Артынан ээрчип далайлар,*
*Жете албай колу умсунган.*
*Жүгүргөндөр кур калып,*
*Ак алма сындуу Апиет,*
*Ак никеси кыйылып,*
*Таякеме буюрган.*

*Таяжеңем жасап курут-май,*
*Жайлоонун көркүн чыгарган.*
*Үйүнө адам келгенде,*
*Дасдоркону жайнаткан.*
*Пейли кенен таяжеңем,*
*Кымызга суусун кандырган.*

*Мурутун беш маал чыйратып,*
*Таякем сага жарашкан.*

*Таяжеңемдин жүрүмүн,*
*Жалпы журту мактаган.*
*Уул үйлөп, кыз берип,*
*Ак байбиче аталган.*
*Кайнененин адебин,*
*Үлгү болуп сактаган.*
*Таякем сыйлап өзүңдү,*
*Жонуңа камчы чаппаган.*

*Таяжеңем күлсө жылмайып,*
*Акактай тиши жарашкан.*
*Акмарал сындуу керилип,*
*Ажаарлуу жүздөн нур тамган.*
*Таякеме төп келип,*
*Түштүктөн тапкан ак куудан.*
*Узак өмүр сүргүлө,*
*Жээниңер жазган бир шилтем.*

## Балдызым Эркинге

*Балдызым мага карап күлүп койчу,*
*Кааласаң кулагымдан толгоп чойчу.*
*Жездекең ага кантип чыдаар экен,*
*Кайратын бурап-бурап сынап көрчү.*
*Кайрадан жаштыгымды эске салып,*
*Жүзүмдөн назик сылап жумшак өпчү.*

*Улгайып бараткаида карт жездеңдин,*
*Жүрөгүн жалын орттөп сүйүү ойгонсун.*
*Уйкусуз таңды атырып эске салып,*
*Өткөндүн жаштыгына маашырлансын.*
*Жытыңа назигине кумарланып,*
*Жездеңдин көңүл кушу бир ойгонсун.*

*Жигиттер сүйүп калса сен да сүйгүн,*
*Сүйүүгө сүйүүң менен жооп бергин.*
*Алдыда дагы канча жашоо күтөт,*

*Билбейсиң аппарат жок аны түшүн.*
*Турмушта өз энчиңден куру калбай,*
*Балдызым жашай билгин сүйүү өчпөсүн.*

## Баа жеткис аяштарым сыймыктанам

*Көргөндө аяштарым мен силерди,*
*Ойногон күлгөн жерди эске салам.*
*Үй-бүлөө куту болуп узагыраак,*
*Жашасак деген тилек ойдо дайым.*
*Жаштыктын кызыл гүлүн бирге өткөргөн,*
*Баа жеткис аяштарым сыймыктанам.*

*Бул турмуш жашообузга бакыт берди,*
*Бутактап биз көгөрүп тамыр сиңди.*
*Балдардын балдарына ата болуп,*
*Чоң ата, чоң эне деп бут шилтеди.*
*Небере-чөбүрөнүн урматында,*
*Аяштар миң мартебе тобо дейли.*

*Жаш кезде арманы жок биз дууладык,*
*Эми биз ал жылдардан алыстадык.*
*Турмуштун башка салган түйшүгүнөн,*
*Баратат кундуздай чач буурулданып.*
*Жаштыкты токтотууга кудурет жок,*
*Теңирим өмүр берсин узагыраак.*

# Замандаштарга

## Айтматов Чынгызга

*Чынгызым жылдыз болуп асмандагы,*
*Атагың дүйнө элине бүт тарады.*
*Кыргыздын атын бийик көкөлөткөн,*
*Өзүңдөй бизде дагы уул барбы?*
*Эл журтуң сени менен сыймыктанат,*
*Тарыхта өчпөс жанган атың калды.*

*Ар бир уул дүбүрт жолдо күчүн сынайт,*
*Чамасы жетпей калса башын чайкайт.*
*Айрымдар дараметин биле албай,*
*Теңсинип өзүн кимге салыштырбайт.*
*А бирок мезгил турмуш сыноосунан,*
*Көөнөрбөс таланттуу инсан өтө алат.*

*Кыргыздын тоосу бийик асман тиреп,*
*Ичине каткан сырын эч ким билбейт.*
*Чокусун көз тайгылткан мөңгү басып,*
*Жыпар жыт керимсели канга сиңет.*
*Ушундай жерде туулган Чынгыз аба,*
*Көп жаша кыргызыңа медер болуп.*

## Токомбаев Аалыга

*Аалы ата жүрөгүң жык капа белем,*
*Батырып аны кантип жүрдүң экен.*
*Жыргалың, кубанычтуу күлкүлөрүң,*
*Жубайың Мунар менен кеткен белем.*
*Эжеге жазган ырың окуп алып,*
*Кайгыңды өзүң менен бир бөлүшөм.*

*Өкүнбө өткөн күндөр кайра келбейт,*
*Кадырлап урмат сыйда калкың күтөт.*
*Жашыңда катаал турмуш жолун улап,*
*Көрдүңүз жаңы доордон бакыт сүрүп.*
*Кайрылып эки жашоо келбейт тура,*
*Мезгилдер учкан куштай безип-сызып.*

*Кантсе да өмүр кушу бизден алыс,*
*Убакыт токтоо бербей закымдашып.*
*Өкүнбөй калган жашты сиз жашаңыз,*
*Эмгекте элиң менен бирге басып.*
*Жазгы күн мээрим төккөн жылуулуктай,*
*Ой улап ыр жазыңыз кубандырып.*

*Аалы ата күч кубатың бар кезинде,*
*Сагынып Мунарыңды чөгүп кетпе.*
*Балдардын небересин жыттап алып,*
*Толкундап ырлар жазып, арна элиңе.*
*Тагынып жылдызыңды жаркыратып,*
*Калкыңа сүрөөн болуп узак жаша.*

## Жаркынбаев Нурпаиске

*Кыргыз Республикасынын маданиятына*
*эмгек сиңирген ишмер, акын.*

*Эл акыны Нурпаис,*
*Кыргызга атың таанылган.*
*Үмүт шамын тамызып,*
*Ак жол мага кааладың.*
*Жазылган ырды барактап,*
*Окуп көрүп жактырдың.*
*Ашык жерин кыскартып,*
*Өксүгүнө сап жаздың.*
*Акындар тарткан түйшүктүн,*
*Оордугун байкадым.*
*Дүбүрттүү жолдо баш чайкап,*
*Чаңында кийин калбагын.*

*Деген сөзүң дайыма,*
*Жүрөгүмө сактаймын.*
*Басмадан китеп чыкканча,*
*Кеңеш берип такшалтың.*
*Унутпаймын эч качан,*
*Насаатчы болгон акынсың.*

## Атанаев Токтосунга

*Академик, биология илиминин*
*кандидаты, доцент*

*Дүбүрттүү жолдо бир сынап,*
*Тайбуурулдай сүрөдүң.*
*Жаш акын эми аталып,*
*Жарык көрдү китебим.*
*Насаатчыдан кем эмес,*
*Ырларымды түзөдүң.*
*Акыл кошуп кээ жерин,*
*Кошумчаңды киргиздиң.*
*Түйшүгүн кошо тартышып,*
*Белсемдүү жумуш бүткөрдүң.*
*Уят болбой калкыма,*
*Мүдөөсүн элдин аткардым.*
*Жардам берген Токтосун,*
*Рахмат сага айтарым.*
*Илимий иштер жагынан,*
*Докторлукту жактагын.*

## Масиракунов Рашидке

*Кыргыз республикасынын журналисттер*
*союзуна мүчө, жазуучу.*

*Улгайган кезде чыгарма,*
*Жазып түйшүк мен тартым.*
*Оңдоп, түздөп саптарын,*
*Кошумчалап тактадың.*
*Насаатчы болуп агаңа,*

*Жол-жобосун айткансың.*
*Рахмат иним Рашид,*
*Жердештикти актадың.*
*Чыгармачыл жаатында,*
*Ийгилик сага калаарым.*

## Маленкулов Абакирге

*Кыргыз Республикасынын сүрөтчүлөр союзуна мүчө.*

*Жүрөк толгоп кыйнаган,*
*Тогуз-Торо жергемди,*
*Ыр сабына мен жаздым.*
*Мукабанын сыртына,*
*Көркөмдөп кооз сүрөттү,*
*Абакир иним сен тарттың.*
*Мазмунга шайкеш төп келип,*
*Ырыма сүрөт жарашты.*
*Басмадан китеп чыкканда,*
*Сүйүнүп жүрөк кубанды.*
*Өнөрканаң болгондо,*
*Жаратмаксың далайды.*

## Шадыканов Бегалыга

*Басмадан чыгып китебим,*
*Ой максат ишке ашканда.*
*Даярдап баарын бүткөргөн,*
*Үлүшүң чоң чынында,*
*Убада сөзүн аткарган.*
*Чанда болот адамда.*
*Оюмду кошо бөлүшүп,*
*Сүрөп жүрдүң жанымда.*
*Түйшүкчүл жигит экенсиң,*
*Ийгилик каалайм сага да.*

## Чодиев Бектурганга

*Нускалуу сөздөн баштаган,*
*Кадырлап элим сыйлаган.*
*Сөз башында "ООТ" деп,*
*Тамеки ороп шашпаган.*
*Аскерге барып милдетин,*
*Ат үстүндө аткарган.*
*Көзү өткөнчө зыңкыйып,*
*Кавалер сынын бузбаган.*
*Фин менен болгон согушта,*
*Катышкан жоокер бышыккан.*
*Ат-Башы менен Кочкордо,*
*Куланак, Тогуз-Тородо,*
*Экинчи катчы райком,*
*Исполком болуп иштеген.*
*Акырында айлында,*
*Башкарма болуп шайланган.*
*Эмгегинен таанылып,*
*Эли сыйлап барктаган.*
*Ичип, жеген адамды,*
*Көзү өткөнчө жек көргөн.*
*Жаштарга берип тарбия,*
*Насаат сөзүн сүйлөгөн.*
*Мен дагы угуп жашымдан,*
*Ишкерлигин үйрөнгөм.*
*Кадырлап сыйлап урматтап,*
*Акыл айткан сөздөрүн,*
*Көкүрөккө жат түйгөм.*
*Калыс сүйлөп түз чечип,*
*Калпыс ишке кирбеген.*
*Эмгегин баалап өкүмөт,*
*Эмгек кызыл туу берген.*
*Орус мүнөз бир сырдуу,*
*Орунсуз сүйлөп күлбөгөн.*
*Байкашымча бул адам,*
*Жаштыкка жанып күйбөгөн.*

*Турмуштун оор кезеңин,*
*Башынан далай өткөргөн.*
*Так аткарып жумушту,*
*Колхоздун ишин түзөгөн.*
*Ак эмгегин сиңирген,*
*Залкары элең калкымдын.*
*Эскербесек өзүңдү,*
*Туура болбос биз үчүн.*
*Талкуулап калкым көрөлү,*
*Ылайык келсе жалпыга.*
*Бектургандын атынан,*
*Түбөлүк ысмын калтырып,*
*Бир көчөнү берели.*

## Жаркынбай балбанга

*Жаркынбай деген жаш балбан,*
*Он тогуз жаш куракта.*
*Күнөстүү Кыргызстандын,*
*Он беш жылдык тоюнда,*
*Кожомкулдай балбандын,*
*Толгон экен сынына.*
*Кайрылып туруп топ элге,*
*Айткан экен мындайча.*
*"Баралына келгенде,*
*Адамдан буга тең келбес.*
*Кармаган жерин какшатаар,*
*Чалганда томук тайгызаар.*
*Күрөшкөнү келипсиң,*
*Теңирим берген алп күчтү,*
*Кыргыздын коргоп намысын,*
*Сыналчу жерге сактайлы.*
*Азыр кокус күрөшсөк,*
*Бирибизди-бирибиз,*
*Майып кылып албайлы" -*
*Деген сөзүн айтканда,*
*"Жаштык кылып сүрөсө,*

*Күрөшөм деп айтыпмын,*
*Өз күчүмдү байкабай,*
*Уятка аба калыпмын.*
*Осолдук кылган ишиме,*
*Кечирим сизден сураймын.*
*Батаңызды бериңиз,*
*Ачылсын бакты-таалайым",*
*Деп ийилип Жаркынбай,*
*Кулдук уруп калганда.*
*Алакан жайып Кожомкул,*
*Мындайча бата бериптир:*
*"Айры төштүн алдында,*
*Басылып денең калбасын,*
*Жигиттин пири Шаймерден,*
*Жаныңда болсун колдоочуң.*
*Бүгүнкү болчу чоң тойдо,*
*Күчүңдү иним байкайын".*
*Деген сөзүн бек айтып,*
*Ак батасын бериптир.*
*Ошондогу чоң тойдо,*
*Алты дубан элинен,*
*Тандалып келген балбандын,*
*Баардыгы менен күрөшүп,*
*Кол учуна жеткирбей,*
*Көтөрүп жерге уруптур.*
*Кээ бирөөсү туралбай,*
*Оозуна каны толуптур.*
*Карап турган калың журт,*
*Күчүнө таң калыптыр.*
*Аңгыча согуш башталып,*
*Фашисттер басып киргенде,*
*Ата Мекен кансырап,*
*Кан жутуп жаткан мезгилде,*
*Брон менен калтырса,*
*Жолдоштордон айрылып,*
*Үйүмдө кантип жатам деп,*
*Душман менен беттешпей,*

*Көксөөмдү кантип басам деп,*
*Кырк экинчи жылында,*
*Чилденин суук айында,*
*Согушка өзү кетиптир.*
*Кийим батпай денеге,*
*Азапты балбан чегиптир.*
*Волганын суусун кечирбей,*
*Каптаган жоону өткөрбөй,*
*Пушканы сүйрөп аткылап,*
*Душманга бүлүк салыптыр.*
*Огу тийген танкалар,*
*Өрттөнүп түтөп жаныптыр.*
*Беш жолку удаа чабуулу,*
*Ойрон болуп душмандын.*
*Айласы куруп калганда,*
*Самолетун чакырып,*
*Бомбалап бүлүк салганда.*
*Камырдай болуп жуурулуп,*
*Кара жердин алдында,*
*Далай жоокер калганда.*
*Топурактан суурулуп,*
*Кыбылага баш уруп.*
*Осколка булуп көөдөнүн,*
*Жаркынбай каза болуптур.*
*Денесин көргөн Буденный,*
*Маңдайынан сылаптыр.*
*Ардактап сөөгүн коюга,*
*Көрсөтмөсүн бериптир,*
*Жашып кетип генерал,*
*Көзүнүн жашын сүртүптүр.*
*Кошо барган жердеши,*
*Молдобай баарын көрүптүр.*
*Ак кепинден аруу жууп,*
*Ардактап мылтык аттырып,*
*Балбандын сөөгүн коюптур.*
*Кайсыл жерге көмгөнү,*
*Унутулуп калыптыр.*

*Баатырларча кармашып,*
*Жаркынбай курман болду деп,*
*Элине кабар келиптир.*
*Алп балбанды эскерип,*
*Кайгыга калкым батыптыр.*
*Аман жүрсө Жаркымбай,*
*Тобок алптан кем эмес,*
*Балбан болмок эле деп,*
*Туяксыз калган балбанга,*
*Өкүнүп баары кейиптир.*
*Жаркынбай менен бир кеткен,*
*Беш жүз жоокер адамдан,*
*Согуштан бирөө кайтпаптыр.*
*Кайран эрдин баардыгы,*
*Мекенди коргоп өлүптүр.*
*Буларды элим эскерип,*
*Эстелигин тургузду.*
*Мырамырга жаздырып,*
*Фамилиясын илишти.*
*Түбөлүк күйүп турсун деп,*
*Өчпөстүн отун жагышты.*

## Абдылдаев Аскаралыга

*Эл сыйлаган карыя,*
*Аскаралы абама,*
*Жолдоштук азил аралаш,*
*Арнаймын шилтем тамаша.*
*Районду жетектеп,*
*Өндүрүштө такшалган.*
*Колхоз менен совхоздун,*
*Чарбаларын башкарган.*
*Пландарды аткарып,*
*Өкмөттүн сыйлыгын,*
*Туусу менен кошо алган.*
*Далайлар менен кармашып,*
*Эл намысын талашкан.*

*Агыны катуу суу кечтиң,*
*Ашуусу бийик бел аштың.*
*Жайы-кышы бастырып,*
*Ат үстүнөн түшпөдүң.*
*Төрт түлүк малды көбөйтүп,*
*Калкыма эмгек сиңирдиң.*
*Көр албаган адамдар,*
*Артыңдан ушак эшиткен.*
*Ишмерлигиң баардыгын,*
*Кемечтеп оозун бекиткен.*
*Жатып ичээр жан бакты*
*Үстүңө басып кирбеген.*
*Сылаң короoз жеңелер,*
*Артыңдан калбай жүгүргөн.*
*Тарбия таалим нускаңды,*
*Жаш балдар алып үйрөнгөн.*
*Тогуз-Торо аймагын,*
*Сизден ашык ким билген.*
*Купуя сөздөр жүргөндө,*
*Чукугандай сөз тапкан.*
*Тийишкендин баарысын,*
*Куйкум сөз менен туздаган.*
*Жетимиштен ашса да,*
*Өндүрүштөн талбаган.*
*Алтын чөйчөк жеримдин*
*Намысына жараган.*
*Байлыгын элдин көбөйтүп,*
*Ак эмгегин жумшаган.*
*Аскараалы абамды,*
*Кадырлап сыйлайм жашымдан.*
*Кеңешин берип өзүмө,*
*Насаат сөзүн көп айткан.*
*Турмуштун татаал жолунда,*
*Пайдасы тийип көзду ачкан.*
*Оюу бузук адамдар,*
*Мага да далай жармашкан.*
*Эске тутуп сөзүңдү,*

*Кутулдум канча балээден.*
*Ырыстуу элдин карысы,*
*Урматын көрүп элиңдин,*
*Сыйнатын көрүп балдардын.*
*Аман эсен жүрө бер,*
*Калкыңа сиңген эмгегиң.*

## Сатиев Жунуска

*Сүйүүнүн ыйык туу бели,*
*Алтын тойду белгилеп,*
*Жунус менен Бурулай,*
*Кубанып турган кезегиң.*
*Ага тууган эл журтуң,*
*Кадырлап сыйлап экөөңдү,*
*Маарекелүү тоюнда,*
*Күбө болгон учуру.*
*Кудаларың досторуң,*
*Сага арнаган белегин,*
*Куттукташып беришти.*
*Балдарың барктап өзүңдү,*
*Туура тартып жулкунтуп,*
*Аргымакты мингизди.*
*Ала Тоого көрк берген,*
*Бабалар кийип өтүшкөн,*
*Ак калпак менен кементай,*
*Мүчөңө сонун жарашты.*
*Бактылуу адам экенсиң,*
*Уул-кызын урматтап,*
*Зоболону көтөрдү.*
*Ак эмгектен жаралган,*
*Эмгегиңиз билинди.*
*Жаштарга берип тарбия,*
*Күч кубат бүт арналды.*

*Жетимишке чыкканда,*
*Өрнөктүү жолуң бааланды.*
*Эмгегиң текке кетпептир,*
*Үзүрүн көрдүң карачы.*
*Ушул сыйга жеткирген,*
*Үйүңдүн куту апаңдын,*
*Алпештеп баккан эмгеги.*
*Токсондон жашы өтсө да.*
*Акылын айтып тескеди.*
*Турмуштун катаал жолунда,*
*Силерге кайрат дем берди.*
*Алыстан келген биз дагы,*
*Катышып көңүл эргиди.*
*Кан кудам тоюң кут болсун,*
*Уланып урпак учугу.*
*Балдарды багып өстүргөн,*
*Өзүңө кубат күч берген,*
*Өмүр шерик жолдошуң,*
*Бурулайдын эмгеги.*
*Уулдун уулун жетелеп,*
*Кызыңдын кызын бөпөлөп,*
*Чөбөрө жыттап магдырап,*
*Жакут тоюн белгиле.*
*Жарашып айыл ичинде,*
*Түгөйлөштөр жүргүлө.*
*Шахматты ойноп калтырбай,*
*Бөкчөйүп тайак карманбай,*
*Кол кармашып экөөңөр,*
*Жүз жаштын белин тебеле.*

## Ашырбаев Бейшенге

*Атадан бала төрөлмөк,*
*Ага-тууган, дос-тамыр,*

*Кубанычка бөлөнмөк.*
*Илгертен калган ак тилек,*
*Кыздуу болгон кезиңде,*
*Куттуктайм досум өзүңдү.*
*Кыз да болсо медериң,*
*Өзүңдөн калаар белегиң.*
*Баланын үнүн угалбай,*
*Эр ортонун өткөрдүң.*
*Аяшым төрөп кыз бала,*
*Орундалды тилегиң.*
*Сүйүнчүгө тай берип,*
*Маңдайдан бактың төгүлдү.*
*Кубанчыңды бөлүшүп,*
*Калкың кошо сүйүндү.*
*Жентек тойго келишип,*
*Ак батасын беришти.*
*Волга кыздын артынан,*
*Ээрчий келген уул болсун.*
*Канаттуу куштай көкөлөп,*
*Күүлөнүп канат сермесин.*
*Калкына кызмат өтөгөн,*
*Уул кыздан болушсун.*
*Мындан аркы ак тилек,*
*Уул үйлөп кыз берип,*
*Куда сөөк күтүп бапырап,*
*Урматын көргүн Бейшеним.*
*Небере жыттап жетелеп,*
*Узун өмүр сүргүнүң.*
*Акпарыдай аяшым,*
*Төрөп берет көрөрсүң.*
*Кудай деп эми жашагын,*
*Пейлиңди оңдоп ээ досум.*

## Молдобаев Бекташка.

*Ак коңул айкөл Бекташым,*
*Шамал жактан жыт алып,*
*Даван ашуу кыр ашып,*
*Бөрүлөр менен сырдашып,*
*Буюрганын бурдадың,*
*Чайнабай жутуп булккандын.*
*Аюу, жолборс арстанга,*
*Куйрук кыспай качырып,*
*Азуу кайрап чамынып.*
*Көк жалдыгың билгизип,*
*Алтымыш жашка жетипсиз.*
*Эл үчүн кызмат өтөгөн,*
*Азамат эрдин бирисиз.*
*Калп айтып ооз ачпаган,*
*Арамдык жолго баспаган,*
*Кемчиликти бетке айткан,*
*Кирсиз таза дилиңиз.*
*Урмат-сый көрүп калкыңдан,*
*Узак өмүр сүрүңүз.*
*Карыяларга кошулдуң,*
*Сакал менен мурутту,*
*Жарашат эми коюуңуз.*
*Бөрүдөй жортпой таш жолдо,*
*Айылга үйүр болуңуз.*
*Кутман курак тоюңда,*
*Куттуктап айткан оюубуз.*

## Исмаилов Касымга.

*Жаш кезиңден чот кагып,*
*Бухгалтерияны башкардың.*
*Башкы счёттун эсебин,*

*Балансалап тактадың.*
*Бир салгаң санды кайталап,*
*Чотуңа кайра какпадың.*
*Жаштык кайрат күчүңдү,*
*Чот салууга арнадың.*
*Алтымыш жашка толгончо,*
*Алмаштырбай кесипти,*
*Жылдык отчёт тапшырдың.*
*Глава разделдерин,*
*Көкүрөккө жат түйдүң.*
*Так аткарып жумушту,*
*Оорду менен бүткөрдүң.*
*Исмаил уулу Касыкем,*
*Оңой-олтоң жан бекен .*
*Чот каккан адам ичинде,*
*Теңдешээр сага аз экен.*
*Опузалап бирөөгө,*
*Жаман сөзү тийбеген.*
*Жабыр тарткан адамга,*
*Кеңеш берип түзөгөн.*
*Тезектин элин бийлеген,*
*Мыкты уулдардын бирисиң.*
*Кезегинде сен дагы,*
*Дасторконду жайнаттың.*
*Волганы минип айдатып,*
*Таш жолдун чаңын буралттың,*
*Эстебестей акынга,*
*Мактатып элиң ырдаттың.*
*Акырында айтаарым,*
*Басыгыңдан жазбагын.*
*Буурулданды чачым деп,*
*Убайыма батпагын.*
*Айнуштей сулуу жеңеме,*
*Азырда жап-жаш жигитсиң.*

*Карылык келди эми деп,*
*Үйүңө жатып албагын.*
*Ата салтын колдонуп ,*
*Сакал мурут коюнуп,*
*Куйрук май сүртүп мойлого,*
*Кол учуң менен сылагын.*
*Карыялар кеңешин,*
*Башкара турган жаштасың.*
*Урматын көрүп калкыңдын,*
*Жүз жаштан өтө жашагын.*

## Ороков Бакыга

*Кир жакка көйнөк кийбеген,*
*Үтүктөп үч маал каранып,*
*Галстугун түздөгөн.*
*Колуна алса комузду,*
*Залкар күүнү сүйлөткөн.*
*Майда барат иштерге,*
*Аралашып кирбеген.*
*Баскан турган жүрүмү,*
*Министирдей көрүнгөн.*
*Волганы минип чалкалап,*
*Оорду менен сүйлөгөн.*
*Окууну бүтүп Бишкектен,*
*Орустар менен бир жүргөн.*
*Түндүктүн ызгаар суугунда,*
*Геолог да болуп иштеген.*
*Элине келип акыры,*
*МСОнун ишин башкарган,*
*Клуб мектеп бакчаны,*
*Гараж кампа сарайды,*
*Чарбаларга курдуруп,*
*Белсемдүүжүмуш бүткөргөн.*

*Эмгегиңди эл баалап,*
*Кадыр баркка жеткирген.*
*Азыр да жатып албастан,*
*Тунук аттуу фирманы,*
*Уюштуруп тескейсиң.*
*Беш көлдүн тузун каздырып,*
*Мөл тузун сата баштадың.*
*Маарекелүү тоюңда,*
*Ийгилик сага каалайрым.*
*Сын сыпатың бузулбай,*
*Бокчөйүп таяк кармабай,*
*Комуздун чертип үч кылын,*
*Сезимин козгоп чалдардын,*
*Эрмек болуп жүрө бер,*
*Калкымдан чыккан шумкарсың.*

## Жыргалбеков Карабайга

*Жигит курак кезиңден,*
*Ат жалын тартып мингенден.*
*Эмгек жолун баштадың,*
*Тогуз-Торо жергемден.*
*Ак Моңгулүү бел аштың,*
*Азабын даван көп тарттың.*
*Тынымыжок жайы-кыш,*
*Мал чарбасын тейледиң.*
*Өз бала болуп элиме,*
*Адал эмгек сиңирип,*
*Партияга өткөнсүң.*
*Биринчи катчы сен болуп,*
*Комсомолдо иштедиң.*
*Жаштарды сүрөп эмгекке,*
*Демилгени колдодуң.*
*Жолдомо берип колуна ,*

*Кыздардан чабан көп койдуң.*
*Чыгармачыл жаштардын*
*Таланттуусун иргедиң,*
*Фестивалга катышып,*
*Баш байгени талаштың,*
*Намыска жарап балдарың,*
*Биринчи орун алгансың.*
*Кадыр баркка илинип,*
*Калк көзүнө көрүндүң.*
*Замандаштын көбүнөн,*
*Атчабым Каке бөлүндүң.*
*Көтөрүлүп кызматка,*
*ЦКасында жаштардын,*
*Бөлүмүн досум башкардың.*
*Өндүрүштө такшалдың,*
*Насаатын уктуң атамдын,*
*Акназаров агайдын,*
*Ишкерлигин үйрөнүп,*
*Тарбиясын алгансың.*
*Аракет текке кетпеди.,*
*Тогуз-Торо, Жумгалда,*
*Райкомдо биринчи,*
*Катчы болуп иштедиң.*
*Партиялык жумушта ,*
*Ишкерликти көрсөттүң.*
*Өтмө кызыл туулары,*
*Жеңип алып тургансың.*
*Кырсыктай түшүп бир азга,*
*Кызматтан азга мүчүдүң.*
*Анткен менен Карабай,*
*Түндүк менен Түштүктө,*
*Чарк айланып иштедиң,*
*Акыры келип элиңе,*
*Башкарма болуп шайландың.*
*Калкыңа жумшап күчүңдү,*
*Аткардың биртоп жумушту.*
*Ардагер жашка жеткенде,*

*Калкың сыйлап өзүңдү,*
*Көк волганы мингизип,*
*Пенсияга узатты.*
*Жумагулов катышып,*
*Золобоңду көтөрдү.*
*Бактылуу жигит экенсиң,*
*Элиңден көрдүң убайды.*
*Сылап сыйпап бапестеп,*
*Иштегенге шарт түзгөн*
*Сары-Өзөн чүйдүн ак куусу*
*Аяшым Токон эмгеги.*
*Балдардын көрүп Убайын,*
*Кол кармашып жүргүлө.*
*Алтымыш жашка чыкканда*
*Арнадым ушул ырымды.*
*Карылар салтын унутпай,*
*Коюп ал сакал мурутту.*

## Байзаков Мамеге

*Ашыкча сөздү айтпаган,*
*Арамдык жолго баспаган.*
*Баскан турган жүрүмү,*
*Байкоосуз аша чаппаган.*
*Талкалап салдым иштн деп,*
*Көкүрөгүн какпаган.*
*Алтымыш жашка келгенче,*
*Өзүн токтоо кармаган.*
*Мүнөзүнө таңданам.*
*Балээлүү ишке баспаган,*
*Баамсыз ооз ачпаган.*
*Билмексен болуп момурап,*
*Түйүндү ичке сактаган.*
*Улуу менен кичүүгө,*
*Ашыкча сөздү айтпаган.*
*Тапшырылган жумушту,*
*Кынтыгы жок аткарган.*

*Кыйкырык чуусу жок эле,*
*Бүткөрүп ишти барк алган.*
*Тарбия таалим ким берген,*
*Табалбай башты катырам.*
*Жамандык кылган адамга,*
*Күйпөлөктөп күйбөгөн.*
*Кошо чуркап чоңдорго,*
*Кошомат жасап көрбөгөн.*
*Баардыгын чыдап көтөргөн,*
*Эркиң сенин күчтүү экен.*
*Аткарган жумуш иш үчүн,*
*Алкыш же сыйлык албаган.*
*Карапайым эл менен,*
*Сырдаш болуп жашаган.*
*Сүйлөсө сүрөп жанында,*
*Жылмайып коюп сөз уккан.*
*Тамеки чегип оозуна,*
*Көпкөлөң тартып көппөгөн.*
*Тоюп алып аракка,*
*Буркан-шаркан оолугуп,*
*Жүргөнүңдү көрбөгөм.*
*Сендей адам аз болот,*
*Түйшүгүн элдин көтөргөн.*
*Кандай жумуш болсо да,*
*Аткарып жообун так берген.*
*Алтымышка чыкканча,*
*Чарчаганды билбеген.*
*Ар кандай ишти аткарып,*
*Калкына эмгек сиңирген.*
*Трибунаны талашып,*
*Сөз сүйлөөнү сүйбөгөн.*
*Окууну бүтүп акыры,*
*Дипломду колго алып,*
*Билимдүү болуп Макем да,*
*Значокту тагынган.*
*Статка болуп началник,*
*Бир топ жыл иштеп башкарган.*

*Кызматында так иштеп,*
*Чарбалардын отчетун,*
*Тактап алып бүтүргөн.*
*Кошуп жазгын дегенди,*
*Аткарбастан жек көргөн.*
*Акырында камсыздоо,*
*Бөлүмүнө келипсиз.*
*Мурдагыдан көбүрөөк,*
*Түйшүккө эми түшүпсүз.*
*Кары картаң адамдын,*
*Пенсиясын эсептеп,*
*Тактап турат экенсиз,*
*Ишенемин өзүңө,*
*Эсепке бышкан адамсыз,*
*Кемпир чалды кыйнабай ,*
*Документин тактаңыз.*
*Маянясын так чектеп,*
*Ак батасын алыңыз.*

## Бөлөм Бекембайга

*Карын бөлө Бекембай ,*
*Алты ооз сөзүң аябай,*
*Ыр жазган дептер четине,*
*Мени жаз деп кыйнадың,*
*Ыр сабым бышып жеткенче ,*
*Кыйын болот жазмагың,*
*Жутуп ийген арактай,*
*Жеңил болсо кыйналбай,*
*Жазат элем жасканбай .*
*Турган жерден жамаган ,*
*Акын болот ак таңдай.*
*Бизге окшогон адамдар ,*
*Мокок болот жазалбай .*
*Өзүңдү кантип жазбайын ,*
*Эсимде элең Бекембай.*
*Өзүң да узун немесиң ,*

*Чубалжыган аркандай.*
*Тайраң-тайраң басканың ,*
*Кирген буура атандай.*
*Алды артымды ойлонтпой ,*
*Кыстадың бөлөм жылдырбай.*
*Койнундагы арагың,*
*Төгүлүп турду шым суулай.*
*Сөзүң өтүп сөөгүмө,*
*Бүлөп турду жануурдай.*
*Сага арнаган саптарым ,*
*Төгүлгөн турган жамгырдай.*
*Өзүңдү үйдөн узатып ,*
*Баштадым анан Бекембай.*
*Көз алдымда чоңойгон,*
*Ак саргыл чап жаак, бала элең,*
*Эрезеге жеткенде ,*
*Солдаттан бөлөм келгенде ,*
*Ошондо сени бир көрдүм .*
*Уят кылбас бөлөм деп ,*
*Чоң майрамда жетелеп ,*
*Балбанга салып көргөнмүн.*
*Бет келип сага күрөшкөн,*
*Жапалдаш бойлу неме экен .*
*Теңсинбей күлүп бейкапар ,*
*Эңкейип колуң сунганча,*
*Карагайдай зункуйган ,*
*Боюңду бөлөм жыйганча,*
*Бағалектен көтөрүп ,*
*Жерге уруп алганда ,*
*Көмкөрөңдөн сен түшүп,*
*Куу шыбак бетиң тытканда,*
*Эсине келип ошондо,*
*Арыңа анан келгенсиң.*
*Бурулуп кармап шыйрактан ,*
*Так көтөрүп кеткенсиң .*
*Айлантып туруп жерге уруп,*
*Тамашаны көрсөттүң .*

*Башынан атап балбандын ,*
*Чуулганды салгансың.*
*Жетип барып бөлөшүм,*
*Ажыратып алганмын.*
*Уятка мени калтырбай,*
*Намыска бөлөм жарадың.*
*Жүрөгүңдө кириң жок,*
*Ак көңүл бабыр адамсың.*
*Бала күндөн жөнөкөй,*
*Карапайым баласың.*
*Колуңдан көөрүң төгүлүп ,*
*Кармасаң ишке устасың.*
*Жутуп коймо жагың бар,*
*Тизгинди бөлөм кармагын .*
*Алдыда канча жащоо бар ,*
*Балдарды бөлөм ойлогун.*
*Сурооңду сенин аткарып,*
*Милдетимден кутулдум.*

## Автордон

*Ааламдагы башталыш,*
*Баш аягы жок экен.*
*Анда адамзат кыйналба,*
*Табышмактуу бул түйүн,*
*Ачылбаган сыр экен.*
*Өмүрү жетпей адамдын,*
*Урпагы улайт турмушун.*
*Ааламдагы чексиздик,*
*Баш аягы жок болсо,*
*Багат тура жер эне.*
*Койнун ачып баардыгын,*
*Алат тура өзүнө.*
*Ыркырашып урушпай ,*
*Ынтымакта жашайлы,*
*Мейманбыз жарык дүйнөгө.*
*Адамга залал тийгизип,*

*Кыянат кылба бирөөгө.*
*Адал иштеп жанды бак,*
*Калыс болуп ар ишке.*
*Эсирсең арты өкүнүч,*
*Ойлоно жүргүн кээ-кээде.*
*Турмуштун сыры тереңде .*
*Ыйман болсун дилинде,*
*Бир калыпта турбаган ,*
*Оомал -төкмөл дүнүйө,*
*Көмкөрүлсө кырданып,*
*Ооматың кетээр бир түндө.*
*Ээ боло албай каласың,*
*Колуңда турган бийликке.*
*Дөөлөтүңдү барктап күт,*
*Келе бербейт күнүгө.*
*Адам деген асыл зат,*
*Асыл буюм жалтырак.*
*Акылы аз кемпайлар,*
*Дат бастырып зилдетип,*
*Уят кылат жалпыны.*
*Эне-атага жүк болуп,*
*Мээнет чырмайт андайды.*
*Тирүүлөй өлүк аталып ,'*
*Жер karатат атаны.*
*Машырланып мактанба,*
*Жанды жалгыз бакканга,*
*Жакырланып эл -журттун,*
*Турмуш кыстап жатканда.*
*Ата конуш жериңди,*
*Таштап шаарга качканга.*
*Жыйган терген оокатың,*
*Буйурбай калат балаңа,*
*Топурак салган элиң жок,*
*Көмүлөөрсүң талаада .*
*Азамат болчу эр жигит,*
*Алды-артыңды баамда,*
*Айткан акыл насаатты,*

*Көкүрөккө жат карма,*
*Доордун кыйын учуру,*
*Сынап турат баарыны.*
*Жакырланып кыргыз эл,*
*Туюкта калды турмушу.*
*Күчүн сатып базарда ,*
*Башка улутка жалданды.*
*Жылдызы түшүп калкымдын,*
*Көз көрүнө басынды.*
*Өз жерине ээ болбой,*
*Бүлүндү кыргыз арасы.*
*Мал киндиктүү эл элек.*
*Айрылды кыргыз баласы.*
*Көп улуттун ичинен,*
*Ажырымдайт арасы.*
*Баардыгы бизге дос эмес,*
*Ичинде бар карасы.*
*Кайраштырып экиден,*
*Бириктирбейт араңды.*
*Акыл менен иш жасаар,*
*Мезгилдин күрөө тамыры,*
*Эң башкысы элимде.*
*Ынтымак достук биримдик.*
*Тынчтык болсун жеримде.*
*Ошондо гана кыргыздар,*
*Жетээрбиз мүдөө тилекке.*
*Ач калган курсак тоюнаар,*
*Оңолот заман тез эле.*
*Намыска элим келели,*
*Ала-Тооң ээн калбасын ,*
*Бабалардын арбагы,*
*Урпактарды урбасын.*
*Малды асырап көбойтүп,*
*Жайлоого боз үй тигели,*
*Байыртан келген бабалар,*
*Ээлик болгон журтуна,*
*Жаңыртып желе керели.*

*Көбүртүп сабаа бишкектеп,,*
*Аяктап кымыз ичели,*
*Жаздоо-күздөө өрүшкө,*
*Төрт түлүк малды таштайлы.*
*Бата тилеп мал союп,*
*Аталар жолун улайлы.*
*Күтүрөтүп мал айдап ,*
*Базарга малды сүрөлү.*
*Далдалчы болуп төш урбай,*
*Дүңүнөн соода жасайлы.*
*Сүткорлорчо кесерип,*
*Жарты тыйын пул үчүн,*
*Кечке олтуруп базарда,*
*Ата салтын сатпайлы.*
*Андаң көрө кыргыздар,*
*Сооданын ишин үйрөнүп,*
*Малды сатып баасына,*
*Турмушту элим оңдойлу.*
*Урматтап улуу сыйлайлы,*
*Кичүүгө изаат жасайлы.*
*Эгин айдап чөп камдап,*
*Малды асырап күтөлү.*
*Мына ошондо Ала-Тооң,*
*Ырыскысын төкпөйбү.*
*Ичинде жаткан байлыгы,*
*Ачылбастан жатпайбы.*
*Бөтөн элдин жолуна,*
*Түшүп алып кыргыздар,*
*Жумуш таппай темселеп,*
*Кул базарда калбайлы.*

**Кириш сөз** ........................................................................3

**Ойлордун түрмөгүндө кыялданып**

*Таңкы үрүл* ........................................................................6
*Жашооң өтөөр коом өзгөрүп жаңырып* .................6
*Тартылды ак жүзүмө кирдүү маңдай* ......................7
*Жамгыр* ........................................................................8
*Күмүш мончок* ............................................................8
*Барчын* ........................................................................9
*Тамчы булак* ................................................................9
*Толкундардын түрмөгүнөн сүрдөдүм* ......................9
*Аталардан калган деп сөз улашат*...........................10
*Жаз кумары* .................................................................11
*Ак кайың* .....................................................................12
*Мажүрүм тал* ...............................................................12
*Ак калдыркан көпөлөк* ..............................................12
*Жамгырым карга айланды* ........................................13
*Адам улук* ...................................................................14
*Турмуш сыры* .............................................................14
*Ардагерлерге* ..............................................................16
*Мезгил* .........................................................................17
*Адамдын адамдыгы жүзү менен* ..............................18
*Жаштык* .......................................................................18
*Жүрөк эңсейт кайрадан*.............................................19
*Өзүңдү эстеп мен оорумду унутам* .........................19
*Мен ыраазы даарыгер эмгегине* ..............................20
*Мээрим төккөн жылуулугуң сагынткан* .................20
*Жалооруй карашыңды аяп кетем* ............................21
*Чолок жашым тамчылайт* ..........................................22
*Чымчыктарым* ............................................................23
*Өрүк зарга баралбайм* ...............................................24
*Куда-сөөк жолу таза экен* .........................................24

*Кытмыр күлкү табаласа муң түнөйт* ..............26
*Алды жагын улам карай чаалыгат* ..............27

**Сүйүү – сапар, узарган** ..............

*Өмүрлөшүм – сырдашым* ..............29
*Эрке мүнөз кыз элең* ..............29
*Жүрөгүңдө мен болоюн* ..............30
*Карегимде калсын сүйүүм тартылып* ..............30
*Өксүтүп кусалантып муңкандырып* ..............31
*Алтын тойду өткөрсөк* ..............32
*Тоо гүлүм* ..............32
*Назданткан сенин фонем жытың менен* ..............33
*Байкасам турмуш жолу татаал тура* ..............34
*Кошунам Жамилага* ..............34
*Балалык туңгуч сүйүүм аруулантып* ..............35
*Арналган сүйүү болгон эми арман* ..............35
*Мен эми жарашпаймын жаш сүйүүңө* ..............36
*Кыз кыялдуу жоругуң* ..............36
*Акын кызга* ..............40
*Аял заты* ..............43
*Тору кызга* ..............44
*Көздөн учкан заакымдай* ..............45

**Мекен – ыйык, мен үчүн** ..............

*Ала-Тоо* ..............48
*Кыргыздар* ..............49
*Жол энеси из болот* ..............49
*Чуркап өткөм издерин аталардын* ..............50
*Тогуз-Тором* ..............51
*Жыңалач-Бугу* ..............51
*Чатыр-Таш* ..............52
*Каначу* ..............52

*Ор-Казган* ........................................ 53
*Туура-Кайың* ........................................ 54
*Саймал-Таш* ........................................ 56
*Беш-көл* ........................................ 58
*Жалгыз терек* ........................................ 58
*Нарын дайрам* ........................................ 58
*Демөөр күчүм эгедер* ........................................ 59
*Түрмөктүү толкундарды элестетет* ........................................ 60
*Мугалимдер ыйык адам окуучум* ........................................ 61
*Мектебим Казарманды унутпаймын* ........................................ 61
*Клубум* ........................................ 62
*Чет-Булагым* ........................................ 63

**Боордоштук –бийик, ыйык** ........................................

*Атам Турганбайга* ........................................ 64
*Сагынтып апа жытың кусалантткан* ........................................ 65
*Түрсүн эжеме* ........................................ 65
*Таякем Жолдошбайга* ........................................ 66
*Таяжем Сонунбүбүгө* ........................................ 68
*Саку эжеме* ........................................ 69
*Эстей жүрчү Жумгалбегим карааным* ........................................ 70
*Карындашым Айнурга* ........................................ 71
*Бала* ........................................ 71
*Кызым Айгүлгө* ........................................ 72
*Уулум Майрамбекке* ........................................ 73
*Гүлзат кызым неберем* ........................................ 74
*Чоңойчу эрте батыраак* ........................................ 74
*Урпактарым гүлүн ачсын түрдөнө* ........................................ 75
*Кайдасыңар курсташтарым, досторум* ........................................ 75
*Таяженем Апиетке* ........................................ 76
*Балдызым Эркинге* ........................................ 77
*Баа жеткис аяштарым сыймыктанам* ........................................ 78

**Замандаштарга** ……………………………

*Чыңгыз Айтматовго* ……………………………79
*Аалы Токомбаевге* ……………………………79
*Жаркынбаев Нурпаиске* ……………………………80
*Атанаев Токтосунга* ……………………………81
*Масиракунов Рашидке* ……………………………81
*Маленкулов Абакирге* ……………………………82
*Шадыканов Бегалыга* ……………………………82
*Чодиев Бектурганга* ……………………………83
*Жаркынбай балбанга* ……………………………84
*Абдылдаев Аскаралыга* ……………………………87
*Сатиев Жунуска* ……………………………89
*Ашырбаев Бейшенге* ……………………………90
*Молдобаев Бекташка* ……………………………92
*Исмаилов Касымга* ……………………………92
*Ороков Бакыга* ……………………………94
*Жыргалбеков Карабайга* ……………………………95
*Байзаков Мамеге* ……………………………97
*Бөлөм Бекенбайга* ……………………………99
*Автордон* ……………………………101

Кожалиев Жакшылык Турганбаевич
Ойлордун түрмөгүндө кыялданып:
ырлар жыйнагы.-Б.: 2004.- 108б.
Тираж 1000